КЫРГЫЗ БАНКЫ

АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЁТ

2026-жылдын
I чейреги

Бишкек
2026-жылдын май айы

Акча-кредит саясаты жөнүндө отчёт Улуттук банк тарабынан чейрек сайын жарыяланып турат. Инфляциянын негизги факторлорун иликтөөлөргө жана болжолдоолорго, ошондой эле тышкы чөйрөдөгү жана Кыргыз Республикасындагы экономикалык жагдайдын өнүгүүсүнө баа берүүлөргө негизделген акча-кредит саясаты боюнча Улуттук банктын чечимдери жөнүндө коомчулукка маалымат берүү ушул отчёттун максаты болуп саналат.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ

Акча-кредит саясатын иштеп чыгуу жана аны ишке ашыруу Акча-кредит саясатынын орто мөөнөттүү мезгилге каралган негизги багыттарынын[1] алкагында жүзөгө ашырылат.

Тиешелүү акча-кредит саясатын жүргүзүү аркылуу баа туруктуулугуна жетишүү жана аны колдоого алуу **акча-кредит саясатынын максаты болуп саналат.**

Акча-кредит саясатынын сандык көрсөткүчү – инфляцияны орто мөөнөттүү мезгилде 5-7 пайыз чегинде кармап туруу.

Улуттук банктын эсептик чени – өлкөдө баа туруктуулугуна жетишүү үчүн колдонулуучу акча-кредит саясатынын негизги инструменти.

Эсептик ченди жөнгө салуу каражаттар наркынын көрсөткүчү катары банктар аралык акча рыногунун кыска мөөнөттүү ченге жана экономикада чогуу алгандагы суроо-талап жана сунуш көлөмүнө таасирин тийгизет. Эсептик ченди өзгөртүү аркылуу Улуттук банк рынокко монетардык шарттар катуулатылгандыгы же жеңилдетилгендиги жөнүндө билдирет. Эсептик чен боюнча чечимдер өлкөдө экономикалык шарттарды комплекстүү талдоону, тышкы экономикалык коньюнктураны баалоону жана орто мөөнөттүү мезгилге инфляцияны болжолдоолорду эске алуу менен кабыл алынат.

Улуттук банктын акча-кредит саясаты келечекке багытталган саясат болуп саналат, анткени, акча-кредит саясаты боюнча кабыл алынган чечимдердин өлкөнүн негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрүнө таасири белгилүү бир лаг менен жүргүзүлөт.

Коммуникациялык саясат Улуттук банктын акча-кредит саясатынын негизги инструменттеринин бири болуп саналат. Улуттук банктын өлкөдөгү күндөлүк жана күтүлүп жаткан макроэкономикалык жагдай боюнча баа берүүсү Акча-кредит саясаты жөнүндө отчётто ар бир чейректин үчүнчү айынын башталышында жарыяланып турат.

2026-жылдын I чейреги үчүн акча-кредит саясаты жөнүндө отчёт Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2026-жылдын 25-майындагы № 2026-П-07/31-1-(ДКП) токтому менен жактырылган.

---

[1] Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 13-декабрындагы токтому менен бекитилген (Улуттук банктын расмий интернет-сайтында «Банктын милдеттери» бөлүгүндө жайгаштырылган).

Мазмуну

1-глава. Тышкы чөйрө 5

1.1. ЕАЭБге мүчө өлкөлөрдүн жана соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдүн экономикалык өнүгүүсү 5

1.2. Дүйнөлүк товардык-чийки зат рыноктору 8

2-глава. Макроэкономикалык өнүгүү 12

2.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногунда суроо-талап жана сунуш 12

2.2. Тышкы сектор 14

3-глава. Акча-кредит саясаты 16

3.1. Акча рыногунун кыска мөөнөттүү пайыздык чен динамикасы 16

3.2. Банктар аралык акча рыногундагы операциялар 20

4-глава. Инфляция динамикасы 25

4.1. Керектөө баа индекси 25

4.2. Инфляциялык күтүүлөр 26

5-глава. Орто мөөнөткө каралган болжолдоолор 28

5.1. Орто мөөнөткө каралган болжолдоолор 28

1-тиркеме. Негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөр 33

2-тиркеме. Глоссарий 34

3-тиркеме. Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси 36

РЕЗЮМЕ

2026-жылдын I чейрегинде дүйнөлүк экономика, негизинен Жакынкы Чыгыштагы кагылышуулардан улам күч алган геосаясий факторлордун таасири астында шартталган, бул товарлар логистикасында чектөөлөргө, жогору өзгөрүлмөлүүлүккө жана дүйнөлүк товардык-чийки зат сыяктуу эле, финансылык рыноктордо да котировкалардын жогорулашына алып келген.

Ошол эле учурда дүйнөлүк экономикада жалпы алганда алгылыктуу өсүш арымы сакталып турган, атап айтканда АКШда, Кытайда жана евро аймакта экономика ички суроо-талап, кеңейтилген мамлекеттик бюджет саясаты жана инвестициялоо жигердүүлүгү менен колдоого алынган. ЕАЭБ өлкөлөрүндө динамика ар тараптуу калыптанган: Казакстанда өсүш сакталып, ал эми Россияда экономикалык жигердүүлүк басаңдагандыгы байкалган. Ошондой эле, Өзбекстан жана Тажикстан сыяктуу башка өлкөлөрдө жогору экономикалык өсүш катталган.

2025-жылдын акырына карата дүйнөлүк азык-түлүк рынокторунда баалар төмөндөсө, 2026-жылдын I чейрегинде дүйнөдөгү геосаясий жагдайдан улам баалар олуттуу өзгөрүп турган. Алтынга баанын өсүшү сакталып, мурдагыдай эле инвестициялоо үчүн артыкчылыктуу актив катары бааланган. Жакынкы Чыгыштагы кагылышуулардан улам дүйнөлүк мунай рыногунда кыйла өсүш байкалган. Ормуз кысыгын жабуунун натыйжасында энергия продукцияларына баалардын өсүшүнөн жана үзгүлтүктөрдөн улам 2026-жылдын февралынан тартып негизги азык-түлүк түрлөрүнө дүйнөлүк баалар өскөн.

Дүйнөдө, анын ичинде Кыргыз Республикасынын соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрүндө инфляциялык тобокелдиктер жогору деңгээлде сакталып турган. Бир катар борбордук банктар салыштырмалуу катуу акча-кредит саясатын жүргүзгөн.

Кыргыз Республикасынын экономикасында ички суроо-талаптын жана инвестициялоо жигердүүлүгүнүн кеңейиши менен колдоого алынган жогору өсүш арымы сакталып турган. 2026-жылдын I чейрегинин жыйынтыгы боюнча ИДӨнүн реалдуу өсүшү 10,1 пайызды түзгөн. Өсүшкө негизги салымды курулуш, өнөр жай жана кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсү кошкон. Керектөө суроо-талабынын чыңалышы калктын айкын кирешелеринин өсүшү менен шартталган.

2026-жылдын I чейрегинде соода балансы экспорттук операциялардын олуттуу төмөндөшү таасири астында түптөлгөн; импорт да азыраак көлөмдө терс динамикада катталган. Натыйжада, соода балансынын тартыштыгы 2025-жылдын I чейрегиндеги көрсөткүчтөн 1,3 пайызга жогорулап, 2 217,1 млн АКШ доллары чегинде түптөлгөн. Ошондой эле, соода жүгүртүү көлөмү 3 182,9 млн АКШ долларын түзүп, 3,7 пайызга кыскарган.

2026-жылдын I чейрегинде Кыргыз Республикасында инфляция эң башкысы тышкы факторлордун таасири астында калыптанган. Баага тышкы басым геосаясий жана геоэкономикалык белгисиздик, логистика иретинин өзгөрүшү жана дүйнөлүк товардык-чийки зат рыноктордо баалардын өзгөрүлмөлүүлүгү, ошондой эле соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдөгү инфляциялык процесстер менен шартталган. Электр жана жылуулук энергиясына тарифтердин жогорулашы, мейманканалар жана тойканалар чөйрөсүндө жол-жоболорду фискалдаштыруу процесстери, ошондой эле ички суроо-талапты арттыруу сыяктуу ички факторлор инфляция көрсөткүчүнө орточо таасирин тийгизген. 2026-жылдын март айынын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасында инфляция жылдык мааниде 11,0 пайызды түзгөн.

2026-жылдын башынан тартып акча-кредит шарттары орто мөөнөттүү келечекте баа туруктуулугун максаттуу көрсөткүчтөр чегинде камсыз кылуу максатында катуулатылган бойдон сакталып турат – учурда орун алып турган таасирлерге чара көрүү үчүн өтүп жаткан жылдын февраль айынын акырында эсептик чен 12,00 пайызга жогорулатылган. Бул чаралар инфляцияга монетардык салымды чектөө максатында банк секторунун ликвиддүүлүгүн жигердүү жөнгө салуу менен коштолот. Банктар аралык акча рыногундагы жагдай туруктуу сакталып турган. Банк сектору үстөк ликвиддүүлүк шартында ишин жүргүзүүнү улантты, анын олуттуу бөлүгү алты ири коммерциялык банктарда топтолгон.

1-глава. Тышкы чөйрө

1.1. ЕАЭБге мүчө өлкөлөрдүн жана соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдүн экономикалык өнүгүүсү

2026-жылдын I чейрегинде дүйнөлүк экономикада жалпы алганда орточо алгылыктуу динамика сакталып турган, бирок күч алган геосаясий факторлордун алкагында айрым региондордо жана өлкөлөрдө экономикалык өсүш арымы төмөндөгөндүгү катталган.

Инвестицияларга жана мамлекеттик сектор тарабынан колдоого карабастан, дүйнөнүн ири экономикаларында инфляциялык басымдын алкагында керектөө жигердүүлүгү басаңдагандыгы байкалган. ЕАЭБ өлкөлөрүндө динамика ар тараптуу калыптанган, мында кошуна өлкөлөрдө, Өзбекстанда жана Тажикстанда ички суроо-талап жана инвестициялар менен колдоого алынган экономиканын жогору өсүш арымы сакталып турган.

1.1.1-график. Айрым өлкөлөрдө реалдуу ИДӨнүн динамикасы
(жылдык мааниде өсүш арымы)



2026-жылдын I чейрегинин жыйынтыгы боюнча бир катар ички жана тышкы макроэкономикалык өзгөрүүлөр сакталып, **АКШнын** экономикасында орточо алгылыктуу динамика катталган. Экономиканын 2,6 пайыз чегинде өсүшүнө негизги салымды мамлекеттик чыгашалар жана инвестициялык жигердүүлүк анын ичинде жогору технологиялык секторлорго да инвестициялар кошкон, ошол эле учурда адатта АКШнын экономикасына негизги салымын кошкон керектөө суроо-талабы басаңдагандыгы байкалган. Үй чарбаларынын чыгашалары орточо арымда жогорулаган, бул топтолгон жыйымдардын акырындап азайып жатышын жана баа динамикасынын басымы күч алгандыгын тастыктайт.

АКШнын эмгек рыногунда акырындап басаңдоо белгилери катталгандыгына карабастан салыштырмалуу туруктуу абал сакталып турган. Жумушсуздук деңгээли 4,0 пайыз деңгээлинде орун алып, буга чейинки орточо мааниге дал келген, ал эми иш менен камсыз болуунун өсүшү мурдагы мезгилдерге караганда басаңдаса да алгылыктуу мааниде катталган. Эмгек акынын өсүшү туруктуу деңгээлде сакталып, мурдагыдай эле, керектөө суроо-талабына таасирин тийгизген, бирок айкын мааниде алганда ал инфляциялык басымдын таасири астында теңделген, бул керектөөнүн андан ары да кеңейишин чектеген.

2026-жылдын башталышынан тартып Кытай өкмөтү 15 жылдык жаңы экономикалык программаны (2026-2030-жылдар) ишке ашырууга өзгөчө көңүл бурган, анда ИДӨнүн өсүшүнүн максаттуу көрсөткүчү 4,5-5,0 пайыз деңгээлинде белгиленген.

2026-жылдын I чейрегинде Кытай экономикасы жылдык мааниде 5,0 пайызга өсүп, алгылыктуу жогорулоо белгиленген. Бул көрсөткүч рынокто күтүлүп жаткан деңгээлден жогору калыптануу менен акыркы үч чейрек ичиндеги тез арымда өсүш катары белгиленген. Калыбына келүүгө өнөр жай сектору негизги салым кошкон, анда иштеп чыгаруу тармагында өндүрүш 6,4 пайызга өскөн, өзгөчө жогору технологиялык багытта, б.а. 3D-принтерлерди (+54,0 пайыз), литий-ион аккумуляторлорду (+40,8 пайыз) жана өнөр жай роботторун (+33,2 пайыз) чыгаруу көлөмү өскөн.

Кытайдын тышкы соода жүргүзүүсү да олуттуу салым кошкон: экспорт 11,9 пайызга өскөн, бул глобалдуу рыноктордо жүрүп жаткан өзгөрүүлөрдү текшилеген. Бирок ички экономикалык динамика ар башка деңгээлде калыптанган. Керектөө товарларын чекене сатуу бир аз өскөн (+2,4 пайыз), ал эми кыймылсыз мүлк рыногу секторунда төмөндөө арымы дале сакталууда ((-)11,2 пайыз), бул керектөөнүн өсүшүнө жана жалпы ички суроо-талапка ооздуктоочу таасирин тийгизүүдө.

Туруктуулукту колдоо үчүн Кытай бийлиги жигердүү фискалдык саясат, анын ичинде кыйла узак мөөнөттүү атайы облигацияларды чыгаруу саясатын жүргүзүүдө. Жылдын башталышында алгылыктуу күтүүлөр белгилененгендигине карабастан, энергия продукцияларына дүйнөлүк баалардын өсүшү жана экинчи жарым жылдыкта тышкы суроо-талап төмөндөшү мүмкүндүгүнө байланыштуу тобокелдиктер сакталып турат.

Өз кезегинде, 2026-жылдын I чейрегинде **евроаймакта** экономиканын туруктуу өсүш арымы сакталып турган. Алдын ала маалыматка ылайык, евроаймакта I чейректе ИДӨнүн өсүшү 0,8 пайызды түзгөн (өткөн жылдын тиешелүү чейрегине карата чейрек). Өсүшкө мурдагыдай эле туруктуу эмгек рыногу менен шартталган ички суроо-талап фактору олуттуу таасирин тийгизүүдө. Үй чарбаларынын финансылык туруктуулугунун жогору деңгээли жана санарип трансформацияга, ошондой эле мамлекеттик инфраструктурага (анын ичинде коргонуу секторуна) инвестициялоолор Жакынкы Чыгышта кагылышуулардын кесепетинен кандайдыр бир деңгээлде коргонууну камсыздаган. Буга чейинки жумушсуздук деңгээли сакталып тургандыгына карабастан, жумуш күчүнө суроо-талап басаңдагандыгы байкалган. Жеке керектөөгө негизги тобокелдик катары мурдагыдай эле энергия продукцияларынын инфляциялык басымы сакталууда, ал кыска мөөнөттүү келечекте калктын айкын кирешесин чектеши мүмкүн.

Евроаймактын мындан аркы келечеги геосаясий өзгөрүүлөрдүн жана анын глобалдуу товардык рынокторго таасиринин сакталып турушуна жараша калыптанат. Мындай шарттарда артыкчылыктуу багыттар катары жогору технологиялык тармактарда инвестициялык жигердүүлүктү колдоо жана тышкы таасирлерди жеңилдетүү үчүн региондо энергетикалык коопсуздукту камсыздоо саналат.

ЭВФ апрель айындагы баяндамасында АКШнын жана евроаймактын экономикасынын 2026-жылы өсүшү боюнча болжолдоолорун 2,3 пайызга жана 1,1 пайызга чейин төмөндөткөн (январь айында тиешелүүлүгүнө жараша 2,4 жана 1,4 пайыз күтүлгөн эле). Көрсөткүчтөр жогору инфляция сакталып тургандыгына, геосаясий курч абалга жана жалпы эле ишкердик жигердүүлүгү төмөндөгөндүгүнө байланыштуу өзгөртүлгөн.

2026-жылдын I чейрегинде **Өзбекстанда** экономикалык жигердүүлүк күч алган (+8,7 пайыз), бул ички суроо-талап жана инвестициялардын, анын ичинде тике чет өлкөдөн инвестициялардын агылып кирүүсү менен шартталган. **Тажикстанда** да экономиканын өсүшү жогору мааниде сакталып турган (+8,0 пайыз), ал айыл чарбанын өнүгүшү, негизги капиталга инвестициялар жана өндүрүш көлөмүнүн жогорулашы менен камсыздалган.

Ошондой эле отчёттук мезгилде **Россияда** экономиканын терс динамикасы байкалган (экономиканын төмөндөшү жылдык мааниде 0,2 пайыз), бул календардлык факторлордун, салыктык өзгөрүүлөрдүн, аба-ырайы шарттарынын жана катуулатылган акча-кредит саясатынын айкалышы менен шартталган, ал эми **Казакстанда** ыкчам маалыматтар боюнча 2026-жылдын I чейрегинде ИДӨнүн өсүшү 3,0 пайызды түзгөн.

Экономикадагы мындай өсүш мунай эмес секторлору, эң башкысы, курулуш, транспорт, иштеп чыгаруу өнөр жайы жана соода секторлору менен камсыздалган.

Орто мөөнөттүү келечекте ЕАЭБ өлкөлөрүндө, ошондой эле Тажикстанда жана Өзбекстанда экономикалык өсүш ички суроо-талаптын ролун бир учурда бара-бара күчөтүү менен тышкы баа конъюнктурасы жана мамлекеттик инвестициялык жигердүүлүк менен аныкталат.

Тышкы чөйрөдө инфляциялык чөйрө

2026-жылдын I чейрегинде дүйнөлүк экономикада инфляциялык процесстер ар тараптуу калыптанган. Ири экономикаларда жогору инфляциялык басым сакталган, ал энергия продукцияларына баалардын өсүшү, геосаясий факторлор жана кызмат көрсөтүүлөр секторунун туруктуулугу менен шартталган, мында ооздуктоочу акча-кредит саясатынын сакталып турушу талап кылынган.

ЕАЭБ өлкөлөрүндө жана Кыргыз Республикасынын соода боюнча башка өнөктөш өлкөлөрүндө инфляция ички факторлордун сыяктуу эле, тышкы баа коньюнктурасынын таасири астында калыптанган, мында монетардык жөнгө салуучулардын кыйла катуулатылган саясаты сакталып турган.

1.1.2-график. Инфляция жана бир катар алдыңкы экономикаларда жана Кыргыз Республикасынын соода боюнча өнөктөш өлкөлөрүнүн борбордук банктарында негизги чендер

(жс./жс.)



Булагы: өлкөлөрдүн статистикалык комитеттери, борбордук банктар жана эл аралык уюмдар

АКШда жылдык инфляция 2025-жылдын март айында 3,3 пайыз деңгээлинде түптөлгөн, бул АКШнын ФРСсынын 2,0 пайыз максаттуу көрсөткүчүнөн кыйла жогору түптөлүп, өзгөчө кызмат көрсөтүүлөр секторуна инфляциялык басымдын туруктуулугу сакталып тургандыгын чагылдырат. Инфляциянын күч алышынын негизги факторлору катары энергия продукцияларына баалардын кескин өсүшү, геосаясий тобокелдиктердин таасири жана эмгек рыногунун басымынын сакталып турушу саналат. Мындай шарттарда акча-кредит саясаты чектөөчү мүнөзгө ээ болгон, ал эми жөнгө салуучу катуулатылган финансылык шарттарды узак мөөнөт колдоп туруу зарылдыгына басым жасоо менен ишин этияттык менен жүргүзгөн.

Евроаймакта инфляция март айында күч алып, жылдык мааниде 2,6 пайызды түзгөн. Баалардын мындай өсүшү негизинен Жакынкы Чыгышта кагылышуудан улам энергия продукцияларына баалардын өсүшү менен шартталган. Инфляциялык күтүүлөр кыйла өскөн. Күтүлүп жаткандай эле, кыска мөөнөттүү келечекте энергия продукцияларына баалардын өсүшүнөн улам инфляция 2,0 пайыздык таргеттен кыйла жогору деңгээлде сакталат. Энергияга болгон жогорку баалардын узакка созулушу,

кыйыр жана экинчилик таасирлери көрүнүп, күчөгөндүктөн, жалпы экономикага инфляциялык басымдын күчөшүнө алып келет деп күтүлүүдө.

Өнүккөн экономикаларга караганда **Кытайда** 2026-жылдын I чейрегинде инфляциянын жылдык мааниде 1,0 пайыздык орточо өсүшү белгиленген, ал эми февраль айында ал 1,3 пайыз деңгээлинде үч жылдык эң эле жогору мааниге жеткен. Баалардын динамикасы тышкы факторлордун, анын ичинде энергия продукцияларына баалардын жогорулашынын жана чыгымдардын өсүшүнүн, ошондой эле суроо-талаптын сезондук жогорулашы сыяктуу ички факторлордун таасири астында түптөлгөн, бул экономиканын дефляциядан чыгышына жана ички керектөөнүн туруктуулугун сактоого өбөлгө түзгөн.

Россия Федерациясында салыштырмалуу катуулатылган акча-кредиттик шарттар сакталып турган. Чейрек ичинде баалардын өсүшү кызмат көрсөтүүлөргө баалардын таасири, салык жана тариф факторлору менен шартталган. 2026-жылдын март айынын жыйынтыгы боюнча Россияда инфляция 5,9 пайызга чейин төмөндөгөн, Россия банкынын болжолдоолоруна ылайык, 2026-жылы инфляция 4,5-5,5 пайыз деңгээлинде калыптанат. Россия банкы 2026-жылы ичинде акча-кредит саясатынын ооздуктоо курсуна таянуу менен иш алып барары күтүлүүдө.

Казакстанда да катуулатылган акча-кредиттик шарттар сакталып турат. Ошол эле учурда, март айында инфляция басаңдап, жылдык мааниде 11,0 пайызды түзгөн. Инфляциянын басаңдашына катуулатылган акча-кредиттик шарттар, алгылыктуу курстук динамика, керектөө суроо-талабын турукташтыруу, ошондой эле турак жай-коммуналдык кызматтарга жана күйүүчү майлоочу материалдарга баалардын өсүшүнө мораторий таасирин тийгизген.

Өзбекстанда жылдык инфляция март айында 7,1 пайызды түзгөн, ал эми **Тажикстанда** инфляция 3,4 пайызга чейин басаңдаган, бул акча-кредиттик шарттарды жеңилдетүү менен шартталган.

1.2. Дүйнөлүк товардык-чийки зат рыноктору

Отчёттук мезгилде дүйнөлүк товардык-чийки зат рынокторундагы баа динамикасы негизинен Жакынкы Чыгыштагы конфликттин таасиринен улам аныкталган.

Энергия продукциялар рыногу

2026-жылдын I чейрегинде Ормуз кысыгынын аймагында абалдын курчушуна байланыштуу дүйнөлүк мунай рыногунда мунай баасынын жогорку өзгөрүлмөлүүлүгү байкалган. Геосаясий чыңалуу Brent котировкаларына олуттуу таасирин тийгизген: алсак, I чейректин башынан бери эң жогорку чегинде баа бир баррель үчүн 118,4 АКШ долларына жеткен. Ошол эле чейректе орточо баа бир баррелине 78,4 АКШ долларын түзгөн (март айында – 99,6 АКШ доллары). Натыйжада, көптөгөн эл аралык аналитиктер өз болжолдоолорун жогорулоо жагына корректировкалаган. 2026-жылга карата Brent маркасындагы мунайдын баасы боюнча «Блумберг» маалымат агенттигинин консенсус-болжолунун медиандык мааниси бир баррель үчүн 79,0 АКШ долларын түзгөн.

Эл аралык аналитиктердин пикирине ылайык, Ормуз кысыгында узакка созулган жана масштабдуу үзгүлтүктөрдөн улам, дүйнөлүк рынокто мунай сунушунун тартыштыгы пайда болушу мүмкүн, анткени альтернативдүү жеткирүү схемалары, импортёр өлкөлөрү тарабынан стратегиялык резервдерди бошотуу жана ОПЕК+ өлкөлөрүнүн өндүрүшүн көбөйтүү буга чейин Ормуз кысыгы аркылуу өткөн көлөмдү кыска мөөнөттө компенсациялоо үчүн жетишсиз болуп калышы мүмкүн.

Россия Федерациясында I чейректе Ормуз кысыгындагы кырдаал курчугандан улам, Urals котировкаларынын өсүшү байкалган. Urals карата баанын өсүшү рыноктун катышуучулары тарабынан Россияда өндүрүлгөн мунайга карата суроо-талаптын

көбөйүшү менен шартталган. Россиянын мунай азыктары рыногундагы абал Кыргызстандын КММ рыногунда жогорку баа кысымын аныктоодо. Мартта ККМге карата орточо баа бир литри үчүн 77,9 сомду түзсө, ал эми февралда 77,4 сомдо калыптанган.

1.2.1-график. Brent маркасындагы мунайга баалардын динамикасы



Булагы: Bloomberg MA

Азык-түлүк рыногу

2026-жылдын I чейреги ичинде ФАО азык-түлүк бааларынын индекси ар тараптуу динамиканы көрсөткөн. 2026-жылдын январь айында индекс 123,9 пунктту түзүп, өткөн айлардагы төмөндөөнү уланткан, бирок февраль айында көрсөткүч беш айлык төмөндөө трендин токтотуп, 125,3 пунктка чейин өскөн. 2026-жылдын март айында индекс 128,5 пунктка чейин өсүп, эки ай катары менен жогорулаган.

Чейректин акырында индекстин өсүшү дан эгиндери, эт, сүт азыктары, өсүмдүк майы жана кант сыяктуу товарлардын бардык топторуна карата баанын өсүшү менен шартталган. Энергия продукцияларына карата баанын өсүшү азык-түлүктү өндүрүү жана ташуу баасынын кымбатташына алып келген. Ошол эле учурда дүйнөлүк дан эгиндер рыногу жалпысынан запастардын жогорку деңгээлинин жана өндүрүштүн алгылыктуу болжолунун эсебинен камсыздалып, баанын кескин өсүшүн кармап турган.

2026-жылдын I чейрегинде товардык топтор боюнча өсүмдүк майынын баасы эң көп өсүштү көрсөткөн. Өсүмдүк май баасынын уланып жаткан өсүшү пальма, соя, күн карама жана рапс майынын котировкаларынын жогорулашы менен шартталган, мында энергия продукциялар наркынын өсүшү жана суроо-талаптын өсүшүнөн улам, чектелген сунуш эске алынган. Эттин баасы энергия продукциялар рыногундагы абалдан жана туруктуу суроо-талаптан улам жогору бойдон калган. Кант баасынын белгиленген өсүшү негизинен чийки мунайдын дүйнөлүк баасынын жогорулашы менен шартталган, ал эми дүйнөдө сунуштун алгылыктуу болжолу бааларга оодуктоочу таасирин тийгизген. Сүт азыктарынын баасы өткөн мезгилдерде төмөндөгөндөн кийин калыбына келе баштаган.

Товарлардын импортунан көз карандылыкты эске алганда, тышкы баа конъюнктурасы Кыргыз Республикасынын ички рыногуна олуттуу таасирин тийгизүүнү уланткан. Чейректин акырында байкалган дүйнөлүк баалардын жогорулашы инфляциялык кысымдын күчөшүнө жана тышкы баа өзгөрүүлөрүнүн ички керектөө бааларына андан ары таасир этүүсүнө шарт түзөт.

1.2.2-график. Кыргыз Республикасында ФАО индексинин жана азык-түлүккө баа индексинин динамикасы

(өткөн жылдын тиешелүү чейрегине карата чейрек)



Булагы: КР УСК, ФАО

1.2.3-график. ФАО индексинин түзүмү



Булагы: ФАО, Улуттук банктын эсептөөлөрү

Алтын рыногу

2026-жылдын I чейрегинде дүйнөлүк алтын рыногунда макроэкономикалык белгисиздик жана геосаясий тобокелдиктер сакталып турган шартта орточо туруктуу динамика байкалган. Баалар жогорку өзгөрүлмөлүүлүк менен мүнөздөлгөн: чейрек башында котировкалар буга чейин калыптанган максимумга жеткен, андан кийин корректировкаланган. Жалпысынан алганда, жыл башынан бери алтын 8,1 пайызда оң кирешелүүлүктү камсыздаган.

Геосаясий чыңалуу, туруктуу инфляциялык күтүүлөр жана алдыңкы борбордук банктардын акча-кредит саясатынын траекториясы боюнча белгисиздик колдоонун негизги факторлору болуп саналган. Мындай шартта, алтын коргоо активи катары ролун сактап калган.

Жалпы суроо-талап болжол менен 1 231 тоннаны (жылдык маанидe +2,0 пайыз) түзгөн, ал эми нарктык көлөм баа өсүшүнүн эсебинен рекорддук 193 млрд АКШ долларына жеткен. Суроо-талаптын түзүмү физикалык инвестициялык сегмент тарабына жылган: куймаларга жана монеталарга суроо-талап 474 тоннага чейин өскөн (жылдык маанидe +42,0 пайыз). Алтын менен камсыздалган ETF агылып кирүү сакталып калган,

бирок 2025-жылдын I чейрегиндеги жогорку деңгээлге салыштырмалуу басаңдаган. Жогорку баалардын алкагында зер буюмдарына карата суроо-талап чыгашалардын (жылдык мааниде +31,0 пайызга) өсүшүнө карабастан (жылдык мааниде -23,0 пайызга) төмөндөгөн.

Борбордук банктар чейрек ичинде сатуу активдүүлүгү байкаларлык көбөйгөнүнө карабастан, биринчи чейрек ичинде 244 тонна алтын сатып алышкан (жылдык эсептөөдө +3 пайыз). Ал эми технологияларда колдонулган алтынга болгон суроо-талап 1,0 пайызга өсүп, 82 тоннаны түзгөн, бул негизинен жасалма интеллект инфраструктурасынын өсүшүнүн уланышына шартталган.

Келечекте негизги тенденциялардын, анын ичинде расмий сектор тарабынан жогорку суроо-талаптын жана физикалык алтынга болгон туруктуу кызыгуунун сакталышы күтүлүүдө, ал эми керектөө суроо-талабынын динамикасы көбүнчө баа конъюнктурасына жана макроэкономикалык шарттарга көз каранды болот.
«Блумберг» маалымат агенттигинин баа берүүсү боюнча, 2026-жылы алтынга дүйнөлүк орточо баа бир трой унциясы үчүн 4 383,0 АКШ долларын түзөт. Негизги сценарийде ири финансылык институттар тарабынан баанын жогорку деңгээлде сакталышы күтүлүүдө, 2026-жыл ичинде бир унциясы үчүн 5 000–5 400 АКШ долларына чейин өсүшү мүмкүн.

1.2.4-график. Алтынга баа динамикасы



Булагы: «Блумберг» МА

2-глава. Макроэкономикалык өнүгүү

2.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногунда суроо-талап жана сунуш

2.1.1-график. Негизги тармактардын ИДӨнүн өсүшүнө салымы
(мезгилге карата мезгил)



Булагы: КР УСК

2026-жылдын I чейрегинин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын экономикасы салыштырмалуу жогорку өсүш арымын (+10,1 пайыз) уланткан. Оң динамика мурунку мезгилдерде түптөлгөн өсүш жана ишкердик активдүүлүктү колдогон керектөө инвестициялык активдүүлүгүнүн жогорулашы менен шартталган.

ИДӨнүн өсүш түзүмү кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн, курулуштун жана өнөр жайдын ролунун басымдуулугунун сакталышын көрсөтүп турат: алардын көрсөткүчкө консолидацияланган салымы 8,5 пайыздык пунктту түзгөн. Өз кезегинде, мамлекеттин салыктык кирешелеринин көбөйүшү продукцияга болгон таза салыктардын 1,5 пайыздык пункт деңгээлинде салымын шарттаган. Өсүш арымдын сектордук бөлүштүрүлүшү төмөнкүчө берилген: курулуш сектору эң динамикалуу– 29,6 пайызга, өнөр жай тармагы – 13,4 пайызга жана кызмат көрсөтүү сектору – 7,7 пайызга өсүштү көрсөткөн.

Отчёттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча өлкөдө негизги капиталды каржылоо динамикасы олуттуу өсүштү көрсөтүп, 25,5 пайызга жеткен. Бул көрсөткүч курулуш тармагынын өнүгүшүнө түрткү берүүчү фактор болгон.

2.1.2-график. Экономика тармактарынын өсүш арымы
(мезгилге карата мезгил)



Булагы: КР УСК

2.1.3-таблица. Каржылоо булактары боюнча негизги капиталга инвестициялар



Булагы: КР УСК

Ички суроо-талаптын туруктуу өсүшү акыркы бир нече жыл ичинде калктын реалдуу кирешесинин көбөйүшү менен колдоого алынууда. Бул оң динамика бюджеттик-салык саясатынын чаралары менен колдоого алынган мамлекеттик сектордо сыяктуу эле, жеке структураларда да эмгек акынын комплекстүү өсүшүнө шартталган. Керектөө кредиттеринин жеткиликтүүлүгүнүн жогорулашы калктын төлөө жөндөмдүүлүгүнүн бекемделишине кошумча фактор болгон.

Статистикалык көрсөткүчтөр бул процесстердин ылдамдашын тастыктоодо: 2026-жылдын январь-март айларынын жыйынтыгы боюнча реалдуу эмгек акы 5,2 пайызга өсүп, керектөө кредиттери 16,6 пайызга көбөйгөн.

Факторлордун мындай айкалышуусу экономикада керектөө активдүүлүгүнүн мындан ары да активдешүүсү үчүн негиз түзөт.

2.1.4-график. Калктын кирешелери



Булагы: КР УСК

2.1.5-график. Жеке адамдардын акча которууларынын таза агылып кирүүсү



Булагы: Улуттук банк

Мындан тышкары, өлкөдө жумушсуздук деңгээлин төмөндөтүүнүн туруктуу тенденциясы байкалууда. Бул процесс жаңы жумуш орундарын активдүү түзүү жана экономикалык ишке эмгек ресурстарын тартуу менен шартталган. Иш менен камсыз болуунун өсүшүнө ири инфраструктуралык демилгелердин ишке ашырылышы түрткү берген. Капиталдык долбоорлорду интенсивдүү өнүктүрүү эмгек рыногундагы чыңалууну гана азайтпастан, ар кандай квалификациядагы адистерге туруктуу суроо-талапты да камсыз кылууга өбөлгө түзгөн.

Экономикалык активдүүлүктүн жана товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө суроо-талаптын өсүшү шартында жакынкы мезгилде өлкөдө инфляциялык басымдын жогорулашы мүмкүн.

Мамлекеттик финансы сектору

2.1.6-график. Мамлекеттик бюджеттин аткарылышы

(өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата мезгил)



Булагы: Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы

2026-жылдын I чейрегинин жыйынтыгы боюнча мамлекеттик бюджет ИДӨгө карата 20,0 пайыз профицит менен аткарылды. Ишкердик активдүүлүктүн жогору болушу жана салыктык администрлөөнүн жакшырышы кирешелердин өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 39,8 пайызга өсүшүн камсыздап, 224,6 млрд сомду түзгөн.

Бюджеттин киреше бөлүгүнүн көбөйүшүнө негизинен пайдага салыктан, кошумча нарк салыгынан түшкөн кирешелер, ошондой эле Улуттук банктын 2025-жылдагы пайдасын которуунун эсебинен түшкөн салыктык эмес кирешелер түрткү берген.

Мында операциялык ишке кеткен чыгашалар 19,4 пайызга өсүп, 109,1 млрд сомду түзгөн. Алардын түзүмүндө эң чоң үлүш мамлекеттик кызматкерлердин эмгегине төлөөлөргө жана Кыргыз Республикасынын Турукташтыруу фондуна которууларга туура келет.

Мамлекеттик карыздын түзүмүндө мурдагыдай эле тышкы карыз басымдуулук кылууда. Бирок 2026-жылдын март айынын аягына карата жыл башына салыштырганда анын 1,9 пайызга азайганы катталган. Ошол эле учурда ички карыздын көлөмү 27,4 пайызга көбөйүп, 398,1 млрд сомго жеткен.

2.2. Тышкы сектор[1]

Кызмат көрсөтүүлөр жана экинчилик кирешелер балансынын оң сальдосунун төмөндөшү менен бирге эле соода балансынын тартыштыгынын тереңдеши 2026-жылдын I чейрегинде күндөлүк операциялар эсебинин сальдосунун түзүлүшүнө негизги таасирин тийгизген.

2.2.1-график. Күндөлүк операциялар эсеби



Эскертүү: Алдын ала жана болжолдуу маалыматтар боюнча.

2026-жылдын I чейреги үчүн Улуттук банктын алдын ала жана баа берүү маалыматтарына ылайык, күндөлүк операциялар эсебинин сальдосу 1 469,8 млн АКШ доллары же ИДӨгө карата 24,3 пайыз тартыштык менен түптөлгөн.

Кароого алынган мезгилде соода балансынын тартыштыгынын 1,3 пайызга, 2 217,1 млн АКШ долларына чейин өсүшү, эң оболу, экспорттук активдүүлүктүн төмөндөшү жана соода жүгүртүү түзүмүндө импорттун басымдуулук кылышы менен түшүндүрүлөт.

Отчёттук мезгилде товарлар экспортунун динамикасы (ФОБ баасында) баштапкы мезгилге салыштырмалуу 482,9 млн АКШ долларына чейин басаңдап, 13,5 пайызга кыскарган. Алтынды эске албаганда экспорт 7,5 пайызга кыскарып, 466,7 млн АКШ долларын түзгөн. Ошентип, 2025-жылдын I чейрегине салыштырмалуу алтынды экспорттук берүүлөр жигердүүлүгүнүн олуттуу төмөндөшү товарлардын жалпы экспортунун басаңдашынын аныктоочу фактору болуп калган. Мындан тышкары, экспорттун товардык түзүмүндө жашылчаларды, жемиш жана жаңгактарды, автоунаа бензинин, асбестцементтен жана фиброцементтен жасалган буюмдарды, ошондой эле тирүү малды берүүдө терс тенденция байкалган. Ошол эле учурда, отчёттук мезгилде баалуу жана баалуу эмес металл кендерин жана концентраттарын, көмүрдү, автоунаа тетиктерин жана аксессуарларын, товарларды ташуу же таңгактоо үчүн пластмасса буюмдарын, жеңил автоунааларын, эфир майларын, резиноиддерди жана парфюмердик заттарды, ошондой эле мазутту берүү көлөмүнүн өсүшү экспортко кыйла салымын кошкон.

Товарлар импорту (ФОБ баасында) 1,7 пайызга, 2 700,0 млн АКШ долларына чейин азайган. Товарлардын тизмегинде тигүү машиналар үчүн ийнелердин, эмеректердин жана анын тетиктеринин, жасалма текстиль материалдарынан токулган кездемелердин, айыл чарба машиналарынын тетиктеринин, башка категорияларга кирбеген автоунааларынын, бут кийимдердин, авиакеросиндин, автоунаа бензининин, телефон аппараттарынын, ундун келип түшүүлөрү кыскаргандыгы белгиленген. Ошону менен бирге жеңил автоунааларынын, көтөрүүчү, ташуучу, жүктөө-түшүрүү жабдууларынын, айыл чарба машиналарынын, чоюндан жана болоттон же алюминийден жасалган конструкцияларынын, дизель отунунун, жүк ташуучу жана атайын багыттарга каралган автоунааларынын, ошондой эле дан эгиндеринин импортунун өсүшү байкалган.

Отчёттук мезгилде энергия продукцияларын импорттоо 8,5 пайызга өсүп, 393,1 млн АКШ долларын түзгөн. Электр тогун импорттоо нарктык көлөмүндө 12,0 пайызга көбөйүп, буга түшүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн жана баанын өсүшү

[1] АлдынУлуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен алдын ала жана болжолдуу маалыматтар боюнча. Салыштыруу мезгили – өткөн жылдын тиешелүү чейрегине карата чейрек.Алдын

себеп болгон. Жаратылыш газын импорттоо баа факторунун таасири астында 10,4 пайызга өскөн. Дизель отунунун түшүүлөрү физикалык көлөмдүн көбөйүшүнүн натыйжасында 32,4 пайызга өскөн. Берүүлөрдүн айкын көлөмүнүн кыскарышы алкагында автоунаа бензини боюнча импорттун нарктык көлөмүнүн 3,3 пайызга төмөндөшү байкалган.

Экинчилик кирешелердин балансынын түзүмү, негизинен, «иштеп жаткандардын акча которуулары» статьясы боюнча түшүүлөр менен камсыздалган, бул аталган компоненттин жогору концентрациясы жана маанилүүлүгү сакталып калганын билдирет.

2026-жылдын I чейрегинде «иштеп жаткандардын акча которуулары» статьясы боюнча таза агылып кирүүнүн кыскарышы жеке адамдардын чек ара аркылуу өтүүчү акча которууларынын көлөмүнүн 6,0 пайызга азайышына байланыштуу болгон, ал эми мамлекеттик башкаруу секторунун терс балансы 24,9 пайызга өскөн.

Күтүүлөргө ылайык, тышкы кызмат көрсөтүүлөр балансынын оң сальдосу, алдын ала баа берүүлөрү боюнча, 2025-жылдын ушул эле мезгилиндеги 94,8 млн АКШ долларынан 91,5 млн АКШ долларына чейин бир аз төмөндөйт. Мында кызмат көрсөтүүлөр экспорту бир аз кыскарат, ал эми резидент эместерден алынган кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү базалык мезгилдеги деңгээлде сакталат.

Улуттук банктын баа берүүсү боюнча, баштапкы кирешелер (-)62,8 млн АКШ доллары деңгээлинде түзүлөт (терс баланстын 11,4 пайызга төмөндөшү).

Капитал менен операциялар эсеби боюнча каржылоо 22,7 млн АКШ доллары деңгээлинде түптөлөт, бул 2025-жылдын I чейрегиндеги деңгээлинен 7,1 пайызга төмөн болот.

2026-жылдын I чейрегинде Улуттук банктын алдын ала болжолдуу баа берүүлөрү боюнча финансылык эсеп, негизинен, жеке сектордун резидент эместер алдында башка инвестициялар түрүндөгү милдеттенмелерин арттыруу жана тике чет өлкө инвестициялар боюнча келип түшүүлөр аркылуу түптөлөт.

3-глава. Акча-кредит саясаты

2026-жылдын I чейрегинде Кыргыз Республикасында инфляциялык процесстер тышкы чөйрөдө калыптанып калган шарттардан, анын ичинде Жакынкы Чыгышта жаңжалдын башталышынан улам келип чыккан азык-түлүк товарларына жана энергоресурстарга дүйнөлүк баанын өзгөрүшүнөн, ошондой эле негизги соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдө салыштырмалуу жогорку инфляциялык жагдайдан улам олуттуу өзгөрүүгө учураган, булар жалпысынан өлкөгө импорттолгон товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн наркына таасирин тийгизген.

Ички шарттар калктын кирешесинин өсүшүнөн улам, ошондой эле электр энергияга, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө тарифтерди кайра карап чыгуу жана мейманканалар менен ресторандар сегментинде фискалдаштыруу боюнча жүргүзүлгөн жол-жоболордон улам ички суроо-талаптын жогору сакталышы менен мүнөздөлгөн.

Мындай шарттарда Улуттук банктын акча-кредит саясаты Кыргыз Республикасында баалардын ашыкча өсүшүн оодуктоого жана тышкы факторлордун таасирин минималдаштырууга багытталган. Акча-кредит саясатынын артыкчылыгы экономикадагы акча көлөмүн жөнгө салуучу инструменттерди колдонуу аркылуу инфляциянын монетардык факторлорун чектөө бойдон калды.

Улуттук банктын монетардык чечимдери комплекстүү макроэкономикалык талдоонун, моделдик эсептөөлөрдүн жана ички суроо-талаптын абалын, банк системасындагы ликвиддүүлүк динамикасын, финансы рыногундагы жагдайды жана тышкы экономикалык шарттарды эске алган сценарийдик баалоолордун жыйынтыктарына негизделген.

Отчёттук чейрек ичинде Улуттук банк катуулатылган акча-кредит шарттарын сактаган. Улуттук банк Башкармасы тарабынан эсептик чен өлчөмү тууралуу маселе эки жолу – 26-январда жана 23-февралда каралган. Февраль айындагы отурумдун жыйынтыгы боюнча эсептик чен 100 базистик пунктка – 11,00%дан 12,00%га чейин жогорулаган.

Ошол эле учурда Улуттук банк тарабынан белгиленген пайыздык чен чегинин параметрлери да корректировкаланган: чектин жогорку чеги – «овернайт» кредитинин чени – 13,00%дан 14,00%га чейин; чектин төмөнкү чеги – «овернайт» депозитинин чени – 5,00%дан 6,00%га чейин жогорулаган. Кабыл алынган чечимдер улуттук валютада каражат топтоо инструменттерине суроо-талапты жогорулатууга өбөлгө түздү.

Жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясаты жана аны бюджет-салык саясатынын чаралары менен координациялоо, мурда түптөлгөн инфляция факторлорунун экинчи таасирлеринин жайылышын чектөөгө жана баа динамикасын жөнгө салуу мүмкүнчүлүгүн сактады. 2026-жылдын март айынын жыйынтыгы боюнча жылдык инфляция 11,0 пайызды түзгөн.

3.1. Акча рыногунун кыска мөөнөттүү пайыздык чен динамикасы

2026-жылдын I чейрегинде банктар аралык акча рыногунун кыска мөөнөттүү пайыздык чендери банк системасында үстөк ликвиддүүлүктүн жогорку деңгээлде сакталып турушу шартында калыптанган. Рынок сегменттеринин пайыздык шарттардын өзгөрүшүнө реакциясы ар башка мүнөзгө ээ болгон, бирок жалпысынан алганда, чендердин Улуттук банктын негизги ченине карай акырындык менен корректировкаланышы байкалган.

3.1.1 -график. Акча рыногунун пайыздык чендери



Чейректин башталышында банктар аралык кредит рыногунда чендердин бир аз төмөндөшү байкалган. Эгерде 2025-жылдын декабрында орточо алынган кирешелүүлүк 6,0 пайызды түзгөн болсо, январь жана февраль айларында ал тиешелүү түрдө 5,7 жана 5,2 пайызга чейин төмөндөгөн. Мындай динамика банк системасына ири көлөмдөгү ликвиддүүлүктүн келип түшүшү менен шартталган, бул кыска мөөнөттүү ресурстардын наркынын убактылуу төмөндөшүнө өбөлгө түзгөн.

Март айында кырдаал өзгөргөн: банктар аралык кредит рыногунун орточо салмактанып алынган чени 6,2 пайызга чейин жогорулаган. Чендердин өсүшү рынок катышуучуларынын өзгөргөн пайыздык шарттарга акырындык менен ыңгайланышына, айрым банктардын сом түрүндө кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүккө суроо-талабынын күчөшүнө, ошондой эле бош каражаттарды Улуттук банктын кирешелүүлүгү көбүрөөк инструменттерине кайра бөлүштүрүлүшүнө таасирин тийгизген.

Тиешелүү өзгөрүүлөр коммерциялык банктардын ортосунда улуттук валютада түзүлгөн 7 күндүк репо бүтүмдөрүнүн негизинде эсептелген Bishkek Interbank Rate (BIR) эталондук банктар аралык пайыздык чендин динамикасына да таасирин тийгизген. BIR ченинин мааниси 2026-жылдын январь айындагы 5,2 пайыздан март айында 6,2 пайызга чейин жогорулаган, бул кыска мөөнөттүү сом түрүндө ликвиддүүлүк наркынын өсүшүн жана акча рыногунун рынок конъюнктурасынын өзгөрүүлөрүнө ийкемдүүлүгүнүн сакталып калганын тастыктап турат.

3.1.2-график. Акча рыногунун кыска мөөнөттүү чендери менен Улуттук банктын негизги ченинин ортосундагы спред



2026-жылдын I чейрегинде репо рыногундагы чендердин динамикасы ар башка мүнөзгө ээ болгон жана банктар ортосундагы ликвиддүүлүктүн бөлүштүрүлүшүнө сыяктуу эле, айрым мезгилдердеги жүргүзүлгөн операциялардын көлөмүнө жараша болгон. Орточо салмактанып алынган чендин эң төмөнкү мааниси февраль айында катталган, бул рыноктук активдүүлүктүн чектелүүлүгү менен түшүндүрүлгөн: ай ичинде бир гана бүтүм түзүлгөн, анын параметрлери орточо айлык көрсөткүчкө аныктоочу таасирин тийгизген. Январь жана март айларында репо рыногундагы чендер февраль айына салыштырмалуу жогору

деңгээлде болгон, бул айрым катышуучулардын кыска мөөнөттүү ресурстарга болгон суроо-талабын чагылдырган.

Жыйынтыгында Улуттук банктын эсептик чени менен репо ченинин ортосундагы жалпы спред мурунку чейректеги (-)5,30 пайыздык пунктан 2026-жылдын I чейрегинде (-)5,96 пайыздык пунктка чейин кеңейди. Бул бош ликвиддүүлүктүн жогорку көлөмү пайыздык сигналдарды банктар аралык сегментке берүү ылдамдыгын чектөөнү улантып жатканын көрсөттү.

Улуттук банктын ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү менен эсептик чендин ортосундагы спред да терс зонада калып, кеңейүүнү уланткан. Банктардын убактылуу бош каражаттарды жайгаштыруу инструменттерине болгон жогорку суроо-талабынын алкагында ноталардын кирешелүүлүгү жайыраак жөнгө салынган.

Ноталарды сунуштоо көлөмүнүн өсүшү кошумча таасирин тийгизген, бул рынок катышуучуларынын арылтуу инструменттерге болгон суроо-талабын жарым-жартылай канааттандырууга мүмкүндүк берген жана кирешелүүлүктүн кескин өсүшүн токтоткон. Натыйжада, ноталардын орточо алынган кирешелүүлүгү менен эсептик чендин ортосундагы орточо спред 2025-жылдын IV чейрегиндеги (-)6,09 пайыздык пункттан 2026-жылдын I чейрегиндеги (-)6,59 пайыздык пунктка чейин кеңейген.

Түптөлгөн жагдай банк секторунда бош ресурстардын олуттуу көлөмү сакталып турганын чагылдырган, мында Улуттук банктын ишенимдүү кыска мөөнөттүү инструменттерине болгон суроо-талап, кирешелүүлүк негизги ченден төмөн болгонуна карабастан, туруктуу негизде жогору бойдон калган.

Своп – операциялардын валюта рыногунда Улуттук банктын эсептик чени менен рынок чендеринин ортосундагы жалпы спред 2025-жылдын IV чейрегинде (-)3,77 пайыздык пункттан 2026-жылдын I чейрегинде (-)5,65 пайыздык пунктка чейин кеңейген. Мындай динамика акча рыногунун башка багыттарына салыштырмалуу бул сегменттин орточо реакциясынан улам болгон.

Своп операцияларынын наркы ички пайыздык шарттар менен гана эмес, валюта рыногунун абалы, катышуучулардын күтүүлөрү жана банктардын сом түрүндөгү ликвиддүүлүк менен камсыздалышы менен да аныкталган. Олуттуу көлөмдө бош ресурстардын болушунда, банктардын валюталык свопторго аркылуу кыска мөөнөттүү фонд түзүүгө болгон муктаждыгы чектелүү бойдон калган, бул чендердин өсүшүн жайлаткан.

Ички валюта рыногунда салыштырмалуу туруктуу кырдаалдын сакталышы жана катышуучулардын ортосунда валюталык ликвиддүүлүктү шашылыш түрдө кайра бөлүштүрүүгө болгон айкын суроо-талаптын жоктугу кошумча фактор болгон. Мындай шарттарда валюталык своптор негизинен кыска мөөнөттүү позицияны так башкаруу куралы катары колдонулган.

Банк секторундагы ликвиддүүлүк жагдайы

Отчёттук мезгил ичинде банк системасында үстөк ликвиддүүлүк өсүшүн уланткан. Инфляцияга монетардык фактордун басымын текшилөө максатында Улуттук банк абсорбциялык операцияларды жигердүү жүргүзгөн, атап айтканда, бардык мөөнөттөрдөгү ноталардын сунуштоо көлөмү жана «овернайт» депозиттери аркылуу каражаттарды алуу көлөмү көбөйтүлгөн.

Отчёттук мезгилде банк секторунда үстөк ликвиддүүлүктүн калыптанышына монетардык сектордун жана мамлекеттик финансы секторунун факторлорунун жалпы таасири себеп болгон. Каралып жаткан мезгил ичинде Улуттук банк тарабынан арылтуу операциялары жүргүзүлгөнгө чейинки үстөк ликвиддүүлүктүн орточо күндүк деңгээли 157,8 млрд сомду түзгөн, бул мурунку чейрекке салыштырмалуу 14,1 пайызга көбөйдү, ал эми жылдык салыштырууда өсүш арымы 39,9 пайызга жеткен.

3.1.3-график. Жалпы ликвиддүүлүк динамикасы, үстөк резервдерди арылтуу түзүмү



Банктардын үстөк резервдеринин орточо күндүк көлөмүнүн өсүшү ай сайын төмөнкүчө катталган: январь айында 138,3 млрд сомдон, февраль айында 150,7 млрд сомго жана март айында 183,8 млрд сомго чейин. Мындай тенденциянын түптөлүшүн эки сектордун операциялары, анын ичинде мамлекеттик ишканалардын капиталдаштырылышы жана Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пайдасын которуу маселелери жөнүндө» конституциялык Мыйзамына ылайык Улуттук банктын 2025-жылга пайдасын бюджеттин киреше бөлүгүнө которуу шарттаган.

Улуттук банктын үстөк резерви жогорку деңгээлде сакталып турушу шартында баалардын деңгээлине монетардык факторлордун таасирин чектөө жана экономикадагы акча сунушунун тең салмактуу көлөмүн камсыз кылуу үчүн активдүү арылтуу саясатын активдүү колдонгон. Ликвиддүүлүктү жөнгө салуу боюнча чыгарылып жаткан инструменттердин параметрлерин (көлөмү жана мөөнөтү) аныктоодо Улуттук банк акча рыногуна комплекстүү талдоо жүргүзгөн, ага банк системасынын структуралык ликвиддүүлүгүнүн учурдагы жана болжолдонгон деңгээли, ликвиддүүлүктү каныктыруунун автономдуу факторлорунун динамикасы, акча рыногунун кыска мөөнөттүү чен конъюнктурасы жана рынок катышуучуларынын Улуттук банктын инструменттерине болгон суроо-талабы кирген.

Жалпысынан, банк ликвиддүүлүгүн тескөө системасы ноталарды чыгаруу жана «овернайт» депозиттерге каражаттарды кабыл алуу сунуштары менен Улуттук банктын рынокто туруктуу катышуусуна негизделген. 2026-жылдын I чейрегинде банк системасын үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуунун орточо күндүк көлөмү 150,9 млрд сомду (2025-жылдын IV чейрегиндеги 137,5 млрд сомдон көбөйүү менен 2025-жылдын ушул эле мезгилинде – 112,6 млрд сомду) түзгөн. Ошол эле учурда, сатылып жаткан ноталардын (7, 91 жана 182 күндүк) бардык мөөнөттөрү боюнча сунуштоо көлөмүнүн көбөйүшүнө байланыштуу арылтуу операцияларынын түзүмү бир аз өзгөрүүлөргө дуушар болгон: арылтуу түзүмүндө Улуттук банктын ноталарынын үлүшү 17,5 пайызга чейин (2025-жылдын IV чейрегинде – 13,8 пайыз), «овернайт» депозиттердин үлүшү – 82,5 пайызга (2025-жылдын IV чейрегинде – 86,2 пайыз) чейин көбөйгөн.

Мындан тышкары, үстөк резервдердин олуттуу бөлүгү чет өлкө валютасын сатуу боюнча жүргүзүлгөн валюталык интервенциялар аркылуу кыйыр түрдө алынган,

алардын көлөмү I чейректе 725,5 млн АКШ долларын түзгөн, бул сом эквивалентинде болжол менен 63,4 млрд сомду түзөт (2025-жылдын IV чейрегинде – 474,4 млн АКШ доллары же 41,5 млрд сом).

3.2. Банктар аралык акча рыногундагы операциялар

Банктар аралык кредиттик ресурстар рыногу

2026-жылдын I чейрегинде банктар аралык кредиттик ресурстар рыногунда репо-операциялар сегментинде рыноктун катышуучуларынын жигердүүлүгү жогорулаган, келишилген бүтүмдөрдүн мөөнөтү узартылган жана пайыздык чендери көбөйгөн.

3.2.1-график. Банктар аралык кредиттик ресурстар рыногунда репо бүтүмдөрүнүн чендеринин жана көлөмүнүн динамикасы



2026-жылдын I чейрегинде кыска мөөнөттүү фонд түзүүнүн банктар аралык рыногунда репо инструменттери аркылуу валюта ликвиддүүлүгүнө суроо-талаптын кыйла көбөйүшү байкалган. Операциялардын жалпы көлөмү өткөн чейрекке салыштырганда 77,0 пайызга өсүп, 5,2 млрд сомду түзгөн.

Бул мезгилде сандык көрсөткүчтөр сыяктуу эле, нарктык көрсөткүчтөрдүн да өсүшү белгиленген: орточо алынган пайыздык чен жылдык 5,7 пайызга чейин жогорулаган, ал эми карыз алышуулардын орточо алынган мөөнөтү 15 күндөн 29 күнгө чейин узартылган. Рыноктогу жигердүүлүктүн эң жогорку көрсөткүчү март айына туура келген, анда ресурстардын наркы 6,2 пайыз өлчөмүндө кыйла жогору болгон шартта, бүтүмдөрдүн көлөмү максималдуу (3,2 млрд сом) болгон. Мындай динамика акча-кредит шарттары катуулатылган шартта, узак мөөнөттүү валюта каражаттарын тартууга туруктуу суроо-талаптын калыптанышын билдирет.

Банктар аралык своп рыногу

Бүтүндөй алганда, своп-операцияларынын банктар аралык валюта рыногунда иш жигердүүлүгү өткөн чейрекке караганда 22,9 пайызга төмөн түптөлгөн. Коммерциялык банктар операциялык ишин жүргүзүү үчүн зарыл болгон валютада ликвиддүүлүктү тартуу үчүн 30 күн (+1 күн) орточо мөөнөт менен бүтүмдөрдү түзүшкөн.

3.2.2-график. Своп-операцияларынын динамикасы



2026-жылдын I чейрегинде своп-операцияларынын банктар аралык валюта рыногунда орточо алынган пайыздык чендин өткөн чейректеги 6,56 пайыздан 6,01 пайызга чейин төмөндөшү байкалган. Ошол эле учурда бүтүмдөрдүн көлөмү 22,9 пайызга кыскарган, бул банк системасында сом ресурстары жетиштүү деңгээлде сакталып турушунан улам, ликвиддүүлүктү кыска мөөнөттө тескөө үчүн банктардын валюталык свопторду колдонууга муктаждыгы төмөндөшүн билдирет. Ошондой эле улуттук валютанын алмашуу курсунун салыштырмалуу туруктуулугу кошумча фактор болгон, бул хеджирлөө максатында валюталык свопторду

колдонууга муктаждыкты азайткан. Операциялардын орточо мөөнөтү эки күнгө – 10 күнгө чейин көбөйгөн.

Атап айтканда, улуттук валютадагы үстөк ликвиддүүлүктүн деңгээли жогору болгон шартта, банктарда сом ликвиддүүлүгүн тартуу операцияларынын көлөмү өткөн чейрекке салыштырганда, 44,6 пайызга кыскарган (жылдык мааниде - 9,9 пайызга төмөндөгөн).

Улуттук банктын ноталар рыногу

3.2.3-график. Улуттук банктын ноталарынын орточо алынган чендери



2026-жылдын I чейреги ичинде Улуттук банктын ноталар рыногунда орточо алынган чендердин өсүү тенденциясы сакталып калган. Бул динамика отчёттук мезгилде Улуттук банктын эсептик чени жогорулашы жана банк системасында үстөк ликвиддүүлүк көлөмү жогору болгондуктан, суроо-талаптын жогору бойдон сакталышы менен шартталган.

Ноталарга суроо-талаптын жалпы көлөмү 2025-жылдын IV чейрегине салыштырганда 39,7 пайызга жогорулаган. Катышуучулар тарабынан жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталарга суроо-талап мурдагыдай эле көбүрөөк болгон, бирок, кыйла «узун» сегменттерде өтүнмө өсүшү катталган: 182 күндүк ноталарга суроо-талап 3,1 эсеге, ал эми 91 күндүк ноталарга – 22,0 пайызга көбөйгөн.

Улуттук банк үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу саясатынын алкагында, бардык мөөнөттөгү сатылуучу ноталар боюнча сунуштун көлөмүн көбөйткөн. Жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталардын көлөмү 40,5 пайызга, 91 күндүк - 9,1 пайызга, 182 күндүк – 50,0 пайызга көбөйгөн.

Ноталардын жалпы орточо алынган кирешелүүлүгү өткөн чейрекке салыштырганда 0,8 пайыздык пунктка өсүп, 5,07 пайызды түзгөн. Бардык мөөнөттөгү ноталар боюнча чендердин оң динамикасынан улам, буга чейин ушул сегменттеги операцияларды ишке ашырбаган бир катар катышуучулардын жигерденишине түрткү берген. Мындан тышкары, рынокко жаңы банктык мекеменин катышуусу белгиленген: бүтүмдөрдүн орточо көлөмүнө карабастан, банк аукциондорго туруктуу катышуусун көрсөткөн (отчёттук чейрек ичинде ай сайын). Жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталардын орточо алынган кирешелүүлүгү 5,01 пайызды (+0,81 п.п.), 91 күндүк – 6,58 пайызды (+1,60 п.п.) жана 182 күндүк – 7,40 пайызды (+1,07 п.п.) түзгөн.

3.2.4-график. 7 күндүк ноталарга карата канааттандырылган өтүнмөлөр боюнча максималдуу жана минималдуу кирешелүүлүк



Канааттандырылган өтүнмөлөр боюнча кирешелүүлүктүн чеги да жогорулаган: жүгүртүү мөөнөтү 7, 91 жана 182 күндүк ноталар үчүн максималдуу чендер тиешелүүлүгүнө жараша, 0,34 п.п., 1,33 п.п. жана 0,63 п.п. өскөн. Ал эми кирешелүүлүктүн минималдуу маанилери 1,04 п.п. (7 күндүк), 1,59 п.п. (91күндүк) жана 0,70 п.п. (182 күндүк) көбөйгөн.

Мамлекеттик баалуу кагаздар рыногу

2026-жылдын I чейрегинде мамлекеттик баалуу кагаздар рыногунда (МБК) жүгүртүү мөөнөтү 20 жылдык баалуу кагаздарды кошпогондо, бардык мөөнөттөгү баалуу кагаздар сунушталган. Рыноктун катышуучуларынын арасында 15 жылдык мамлекеттик казына облигацияларына (МКО) суроо-талап көбүрөөк болгон.

3.2.5-график. МБК чыгаруу көлөмү



I чейректе Улуттук банктын аянтында МКОну сатуу көлөмү 2025-жылдын ушул мезгилине салыштырганда 5,7 эсеге көбөйүү менен, 89,0 млрд сомду түзгөн. Ал эми орточо алынган кирешелүүлүк 11,08 пайызга чейин (-3,39 п.п.) төмөндөгөн. «КФБ» ЖАКтын платформасында МБК сатуунун жалпы көлөмү мамлекеттик казына вексeлдеринин (МКВ) орточо алынган кирешелүүлүгү 10,5 пайыз (-0,33 п.п.) жана МКО – 13,0 пайыз (-0,1 п.п.) болгон учурда, 1,6 млрд сомду түзгөн (3,4 пайызга азаюу).

Жыйынтыгында, 2026-жылдын I чейрегинде МБК сатуу түзүмүндө узак мөөнөттүү облигациялардын үлүшү кыйла көбөйгөн, ал эми МБК рыногунун жалпы кирешелүүлүгү азайган.

3.2.6-график. Жүгүртүү мөөнөтү 1-5 жылдык МБКнын орточо алынган кирешелүүлүгү



3.2.7-график. Жүгүртүү мөөнөтү 7-20 жылдык МБКнын орточо алынган кирешелүүлүгү



Депозит рыногу

Коммерциялык банктардын улуттук валютадагы депозиттик базасынын өсүшү

2026-жылдын I чейрегинин акырына карата банктардын депозиттик базасынын жалпы көлөмү чейрек ичинде 50,3 млрд сомго (+5,8 пайыз) көбөйүү менен, 916,5 млрд сомду түзгөн. Депозиттик базанын өсүшү улуттук валютадагы депозиттердин 629,6 млрд сомго чейин (+11,4 пайыз) жогорулашы менен шартталган. Чет өлкө валютасындагы депозиттик базанын көлөмү 286,9 млрд сомго чейин ((-) 4,7 пайыз) төмөндөгөн.

Бүтүндөй алганда, чейрек ичинде аманаттардын өсүшү, негизинен, эсептешүү эсептеринде каражаттардын көлөмү 10,6 пайызга (425,2 млрд сомго чейин) көбөйүшү менен шартталган, ал эми талап боюнча төлөнүүчү депозиттер 1,0 пайызга, 217,9 млрд сомго чейин көбөйгөн. Мөөнөттүү депозиттер 2,8 пайызга (273,4 млрд сомго чейин) жогорулаган.

I чейректе жеке жана юридикалык жактардын мөөнөттүү депозиттери ар башка багыттагы динамикага ээ болгон. Калктын сом түрүндөгү мөөнөттүү аманаттары боюнча топтолгон каражатынын суммасы 115,1 млрд сомду (чейрек ичинде +4,4 пайыз) түзгөн. Юридикалык жактардын улуттук валютадагы депозиттеринин көлөмү да көбөйгөн: чейрек ичинде аманаттар 12,2 пайызга, 63,0 млрд сомго чейин көбөйгөн. Чет өлкө валютасындагы мөөнөттүү эсептерде юридикалык жактар (5,9 млрд сом ((-)70,0 пайыз) сыяктуу эле, жеке адамдар (15,9 млрд сом ((-)12,3 пайыз) боюнча да төмөндөө вектору байкалган.

Өтүп жаткан жылдын I чейрегинде долларлашуу деңгээли, мурдагыдай эле, төмөндөшүн улантып (эсептик курска корректировкалоо менен), 31,3 пайызды түзгөн (IV чейректин акырында – 34,7 пайыз), бул калктын жана бизнестин улуттук валютада каражат топтоого көбүрөөк тартылышын билдирет.

3.2.8-график. Депозиттер рыногундагы тенденциялар

2026-жылдын I чейрегинин аягындагы депозиттик базанын көлөмү: **916,5 млрд сом**

Жыл башынан бери депозиттердин өсүү темпи: **+5,8%**

2026-жылдын I чейрегинин аягына карата мөөнөттүү депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган чени: **10,92%**

2026-жылдын I чейрегинин аягына карата депозиттик базанын долларлашуу деңгээли: **31,3%**



Кредит рыногу

2026-жылдын I чейрегинде экономиканы жигердүү кредиттөө иши улантылган

Каралып жаткан мезгилде кредиттөө рыногу өсүшүн уланткан. Чейрек ичинде банк системасынын кредит портфели 540,1 млрд сомго жетип, 6,5 пайызга көбөйгөн. Отчёттук мезгилде мындай өсүшкө улуттук валютадагы кредиттердин көбөйүшү түрткү берген, алар 6,9 пайызга өсүү менен, 442,9 млрд сомду түзгөн.

Улуттук валютадагы кредиттерге суроо-талап, мурдагыдай эле, негизги тармактарда кредиттөө арымы жогорулашы, атап айтканда, биринчи кезекте, байланышка (+2,9 эсе), өнөр жайга (+35,9 пайыз) берилген жана керектөө кредиттеринин (+15,1 пайыз) көбөйүшү менен шартталган. Оң тенденциялар соода жана коммерциялык операциялар (+7,8 пайыз), социалдык кызмат көрсөтүүлөр (+6,6 пайыз) жана айыл чарбасын кредиттөө (+1,3 пайыз) тармактарында да байкалган.

Чет өлкө валютасында кредиттөө да оң динамиканы көрсөткөн (+4,8 пайыз). Кредиттердин өсүшүнө керектөө кредиттери, социалдык кызмат көрсөтүүлөргө жана өнөр жайга кредиттер, тиешелүүлүгүнө жараша, 4,9 эсе, 32,5 жана 19,6 пайызга көбөйүү менен, чет өлкө валютасында көбүрөөк салым кошкон.

Ошондой эле транспорт (+12,2 пайыз), соода (+7,5 пайыз) жана айыл чарбасы (+4,4 пайыз) тармактарында да оң динамика белгиленген.

Отчёттук чейректе экономиканын долларлашуу деңгээлинин туруктуу төмөндөшү (эсептик курска корректировкалоо менен) сакталып калган. Ошентип, кредит портфелинин долларлашуу көрсөткүчү 17,7 пайызды түзгөн.

3.2.9-график. Кредиттер рыногундагы тенденциялар

2026-жылдын I чейрегинин аягындагы кредит портфелинин көлөмү: **540,1 млрд сом**

Жыл башынан бери кредиттердин өсүү темпи: **6,5%**

2026-жылдын I чейрегинин аягына карата мөөнөттүү кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган чени: **16,27%**

2026-жылдын I чейрегинин аягына карата кредит портфелинин долларлашуу деңгээли: **17,7%**





4-глава. Инфляция динамикасы

4.1. Керектөө баа индекси

2026-жылдын I чейрегинин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасында инфляция 2025-жылдын IV чейрегиндеги 9,3 пайызга салыштырмалуу 10,1 пайызды түзгөн (өткөн жылдын тиешелүү чейрегине карата чейрек). 2026-жылдын март айында инфляция жылдык мааниде 11,0 пайызды түзгөн.

4.1.1-график. КБИнин айкын жана болжолдуу мааниси

(өткөн жылдын тиешелүү чейрегине карата чейрек)



Биринчи чейректе Кыргыз Республикасында инфляция жогорулоо динамикасын уланткан. Инфляциянын өсүшүнө, жалпысынан, ички жана тышкы факторлор таасирин тийгизген.

Тышкы чөйрөдө Жакынкы Чыгышта логистикалык байланыштын өзгөрүшү, дүйнөлүк товардык чийки зат рынокторунун өзгөрүлмөлүү динамикасы, ошондой эле соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдөгү инфляциялык процесстер менен геоэкономикалык белгисиздик жагдайынын таасири сакталып калган.

Инфляциянын түптөлүшүнө таасирин тийгизген ички факторлор арасында азык-түлүк товарларынын кымбатташы, кызмат көрсөтүүлөр секторунда (электр энергиясы жана турак жай-коммуналдык чарба кызматтары чөйрөсүндө, коомдук тамактануу жайларында тейлөө акысын[1] алуу (тейлөө үчүн пайыз) практикасын токтотууга байланыштуу, баа түзүү механизминин өзгөрүшү) тариф саясатынын кайра каралышы, калктын кирешеси өсүшүнөн улам керектөө суроо-талабынын өсүшү жана мамлекеттик чыгашалардын көбөйүшү негизги салымын кошкон.

4.1.2-график. Инфляциянын, базалык инфляциянын динамикасы жана КБИнин түзүмү

(өткөн жылдын тиешелүү айына карата ай)



I чейректе инфляция түзүмү жылдык мааниде төмөнкүчө түптөлгөн: тамак-аш продуктуларына жана алкоголсуз суусундуктарга баалардын өсүшү 10,9 пайызды, алкоголдук ичимдиктерге жана тамеки заттарына – 9,5 пайызды, азык-түлүктөн башка товарларга – 9,0 пайызды жана кызмат көрсөтүүлөргө – 15,9 пайызды түзгөн.

Жыл башынан тартып азык-түлүк инфляциясы жалпы керектөө баа индексине 4,3 п.п. өлчөмүндө, мурдагыдай эле көбүрөөк салымын уланткан. Мындай динамика I чейрек ичинде «эт» жана «жашылчалар жана мөмө жемиштери» топторуна баалардын өсүшү менен шартталган (КБИнин жылдык өсүшүнө салым, тиешелүүлүгүнө жараша, 1,9 жана 0,6 п.п., ал эми жылдык мааниде өсүш, тиешелүүлүгүнө жараша, 14,4 жана 11,1 пайызды түзгөн), буга алгылыксыз тышкы конъюнктура менен бирге, ички сунуштун кыскарышы түрткү болгон.

Мындан тышкары, өсүмдүк майына жана сүт азыктарына дүйнөлүк котировкалардын өсүшүнөн улам, «майлар жана тоң майлар» жана «сүт азыктары, сыр

[1] Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 14-октябрындагы № 663 (https://cbd.minjust.gov.kg/7-45261/edition/38554/ru) токтому

жана жумуртка» топторунун азык-түлүк инфляциясынын түзүмүнө олуттуу салымы сакталып калган.

4.1.3-график. Керектөө баа индексинин негизги топторунун динамикасы
(өткөн жылдын тиешелүү айына карата ай)



Азык-түлүктөн башка товарлар тобунда баалардын өсүшүнүн тездөө тенденциясы сакталып калган (КБИнин жылдык өсүшкө салымы 2,9 п.п. түзгөн). Буга, негизинен, турак жай-коммуналдык кызматтар жана энергия ресурстары, ага кошо электр энергиясы, газ жана отун категориялары таасирин тийгизген, бул мамлекеттик тариф саясатынын ишке ашырылышы жана КММ бааларынын жогору бойдон сакталышы менен шартталган.

Кызмат көрсөтүүлөр секторунда инфляция түзүмдүк сыяктуу эле, административдик факторлордун да таасиринде, биринчи чейректе туруктуу жогору динамиканы көрсөткөн (КБИнин жылдык өсүшүнө салым 3,8 п.п. түзгөн). Буга, негизинен, коомдук тамактануу чөйрөсү түрткү болгон, анда баалардын кыйла өсүшү 2026-жылдын 1-январынан тартып[1] баа түзүү механизминин өзгөрүшү (сервистик жыйымдардын токтотулушу) жана 2025-жылдын 1-сентябрынан тартып 2026-жылдын 31-июлуна чейинки мезгилде ишке ашырылган фискалдык программалык камсыздоону ишке киргизүүгө кеткен чыгымдар менен шартталган. Муну менен катар эле, билим берүү, саламаттыкты сактоо жана маданият чөйрөлөрүндө өсүш арымы жогорулашын уланткан.

4.2. Инфляциялык күтүүлөр

2026-жылдын I чейрегинде ишканалардын жана үй чарбаларынын баа боюнча күтүүлөрү өткөн чейрекке салыштырганда төмөндөгөн жана айкын инфляциядан төмөн деңгээлде түптөлгөн (4.2.1-график).

4.2.1-график. Айкын инфляция, таргет жана КР УСКнын, Дүйнөлүк банктын сурамжылоосу боюнча ишканалардын, үй чарбаларынын күтүүлөрү

(өткөн жылдын тиешелүү айына карата ай)



4.2.2-график. Ишканалардын жана үй чарбаларынын жоопторунун бөлүштүрүлүшү (КР УСКнын жана Дүйнөлүк банктын сурамжылоосу боюнча)
(үлүштөр)



[1] Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 14-октябрындагы № 663 (https://cbd.minjust.gov.kg/7-45261/edition/38554/ru) токтому

4.2.3-таблица. Кыргыз Республикасынын үй чарбаларынын жана ишканаларынын инфляциялык күтүүлөрү

(жылдык мааниде пайыздар)

	2018				2019				2020				2021				2022				2023				2024				2025				2026
	I	II	III	IV	I	II	III	IV	I	II	III	IV	I	II	III	IV	I	II	III	IV	I	II	III	IV	I	II	III	IV	I	II	III	IV	I
Ишканалардын күтүүлөрү [1]	3.9	3.4	3.0	2.7	2.4	2.0	2.0	2.1	2.3	2.8	2.9	3.8	4.7	6.0	7.6	9.1	9.9	10.8	11.4	12.6	10.4	10.2	8.8	9.3	9.1	8.8	7.7	7.3	6.4	6.2	6.4	6.7	5.9
Үй чарбаларынын күтүүлөрү [1]	3.3	3.0	2.7	2.5	2.3	2.2	2.0	2.1	2.6	3.2	2.9	3.5	4.5	5.2	5.9	6.5	8.6	9.4	9.8	10.1	10.8	10.9	10.9	10.3	9.2	8.3	7.3	8.1	8.4	7.7	8.0	8.5	8.7*
Үй чарбаларынын күтүүлөрү [2]																						9.6	11.3	10.5	9.1	7.0	6.1	6.3	6.9	7.1	7.0	8.6	8.2

[1] - КР УСК маалыматы боюнча Улуттук банктын баалоосу 2018-жылдын башынан бери жүргүзүлүүдө.

[2] - ДБ маалыматы боюнча, Улуттук банктын баалоосу 2023-жылдын II чейрегинен тартып жүргүзүлөт.

* - *алдын ала маалыматтар*

2026-жылдын I чейрегинде Улуттук статистика комитетинин сурамжылоосуна ылайык, калктын кийинки 12 ай ичинде күткөн инфляциясынын баасы бир аз жогорулап, өткөн чейректин көрсөткүчтөрүнө жакындап, 8,7 пайызга жеткен (4.2.3-таблица). Үй чарбаларынын кийинки жылга карата инфляциялык күтүүлөрү учурдагы айкын маанилерден төмөн калыптанган (4.2.1-график).

Дүйнөлүк банктын Кыргыз Республикасындагы 1 500 үй чарбасынын арасында инфляциялык күтүүлөр боюнча жүргүзгөн изилдөөсүнөн улам, 2026-жылдын I чейрегинин жыйынтыгында үй чарбаларынын инфляциялык күтүүлөрү өткөн чейрекке салыштырганда бир аз басаңдап, инфляциянын айкын маанилеринен төмөн болуп, 8,2 пайыз деңгээлинде түптөлгөн. Баа өсүшүнүн тездешин күткөн респонденттердин үлүшү өткөн чейрекке салыштырганда кыскарган (2025-жылдын IV чейрегинде 41,3 пайыздан 2026-жылдын I чейрегинде 36,5 пайызга чейин).

Ишканалардын инфляциялык күтүүлөрү калктын күтүүлөрүнөн төмөн калыптанууда. Айкын инфляциянын өсүш арымынын тездешине карабастан, отчёттук мезгилде ишканалардын күтүүлөрү 5,9 пайызга чейин төмөндөгөн. Баалардын жалпы деңгээлинин төмөндөшүн күткөн респонденттердин үлүшү өткөн чейрекке салыштырганда бир кыйла көбөйгөн (2025-жылдын IV чейрегинде 2,0 пайыздан 2026-жылдын I чейрегинде 7,9 пайызга чейин).

Ошентип, 2026-жылдын башында калктын инфляциялык күтүүлөрү бир аз басаңдаганына карабастан, алар экономикада инфляцияга каршы басымды калыптандырууда. Тобокелдиктин негизги фактору болуп үй чарбаларынын күтүүлөрү монетардык саясаттын орто мөөнөттүк максаттуу көрсөткүчүнөн мурдагыдай эле туруктуу ашып жаткандыгы калууда. Иш жүзүндөгү инфляциянын тездешинин фонунда калктын божомолун максаттуу диапазондон жогору кармоо керектөөчүлөрдүн этияттыгын көрсөтүп турат. Бул учурдагы таасирлерге карата рыноктун жогорку сезимталдыгын сактайт жана алдыдагы мезгилде инфляциялык процесстерди убактылуу тездетүү үчүн стимул болушу мүмкүн.

5-глава. Орто мөөнөткө каралган болжолдоолор

5.1. Орто мөөнөткө каралган болжолдоолор

Улуттук банк акча-кредит саясатын иштеп чыгууда орто мөөнөттүү келечектеги экономикалык өнүгүүнүн ар кандай сценарийлерин талдоо жана аналитикалык-моделдик эсептөөлөрдүн жыйынтыктарына таянат. Болжолдоону түзүү өтүп жаткан мезгилдин мүмкүн болуучу таасирлерин жана өбөлгөлөрүн, анын ичинде дүйнөлүк изилдөө агенттиктеринин жана институттарынын эксперттик баалоолоруна жана болжолдоолоруна таянуу менен ишке ашырылат.

Орто мөөнөттүү болжолдун **базалык сценарийи** Жакынкы Чыгыштагы геосаясий белгисиздик, Кыргыз Республикасынын соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрүнүн орточо экономикалык өсүшү жана товардык-чийки зат рынокторундагы баанын жогорку өзгөрүлмөлүүлүгү сыяктуу тышкы экономикалык шарттарды болжолдойт. Экономиканы өнүктүрүүнүн ички факторлору калктын инфляциялык күтүүлөрүнүн бир аз тездешин жана ишканалардын күтүүлөрүнүн орточо деңгээлде сакталышын, ошондой эле электр энергиясына жана турак жай-коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө тарифтерди жогорулатуу боюнча мамлекеттик саясаттын сакталышын жана мамлекеттин өбөлгө түзүүчү бюджеттик саясатын шарттайт.

Кыргыз Республикасынын соода боюнча өнөктөш өлкөлөрүнүн экономикасынын белгиленген өнүгүү тенденциялары жана дүйнөлүк товардык-чийки зат рынокторундагы баалардын жогорку өзгөрүлмөлүүлүгү эске алынып, Кыргыз Республикасынын 2026-2027-жылдарга карата негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрүнүн төмөнкү болжолу иштелип чыккан.

Улуттук банктын баалоосуна ылайык, 2026-жылы Кыргыз Республикасынын экономикасынын өсүш арымынын салыштырмалуу жогорку деңгээлде сакталышы күтүлүүдө.

5.1.1-график. Реалдуу ички дүң өнүмдү болжолдоо
(өткөн жылдын тиешелүү чейрегине карата чейрек)



Улуттук банк 2026-жылы Кыргыз Республикасынын экономикасынын өсүшү боюнча баалоосун болжол менен 10,0 пайыз деңгээлинде сактап калган (буга чейин февраль айындагы рауnддун алкагында жарыяланган). Бул баалоолор мамлекеттик программаларды, анын ичинде масштабдуу инфраструктуралык долбоорлорду ишке ашыруу боюнча өлкөнүн жалпы экономикалык жигердүүлүгүнө өбөлгө түзүүчү таасиринин уланышын эске алат. Болжолдонгон реалдуу ИДӨнүн өсүшүнө негизги салымды «Мамлекеттик ипотекалык компаниясы» ААКтын турак жайларын жана инфраструктуралык объекттерди куруунун уланышына, ошондой эле дүң жана чекене сооданын жигердүүлүгүнө жараша жогорку өсүштү көрсөткөн курулуш сектору камсыз кылат. Өнөр жай сектору иштеп жаткан ишканалардын өндүрүшүн көбөйтүү жана жаңыларын ачуу, ошондой эле пландаштырылган масштабдуу иш-чаралардын алкагында туристтик ишти кеңейтүү (ШКУ иш-чараларын жана VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын өткөрүү) 2026-жылы реалдуу ИДӨнүн жогорку деңгээлин түзүүгө да салым кошот. 2027-жылы реалдуу ИДӨнүн оң өсүш арымы сакталып, болжол менен 7,6 пайызга жетет деп күтүлүүдө.

5.1.2-график. Инфляцияны болжолдоо

(өткөн жылдын тиешелүү чейрегине карата чейрек)



2026-жылдын башынан тартып Кыргыз Республикасындагы инфляциянын динамикасына жаңыдан пайда болгон тышкы факторлор олуттуу таасирин тийгизген. Бул дүйнөлүк азык-түлүк рынокторундагы баанын жогорку өзгөрүлмөлүүлүгүнө жана динамикасына байланыштуу болгон, алар 2025-жыл ичинде баанын узакка созулган төмөндөшүнөн кийин 2026-жылдын февраль айынан баштап жогорулоо тенденциясын көрсөткөн.

Жакынкы Чыгышта орун алган конфликт азык-түлүккө карата дүйнөлүк баанын мындай динамикасынын негизги фактору болуп саналган, ал дүйнөлүк мунай рыногунда баанын кескин өсүшүнө, дүйнөдө күйүүчү майдын кымбатташына жана чыгымдардын өсүшүнө, ошондой эле регионалдык контекстте товарлардын логистикасында тиешелүү чектөөлөргө алып келген. Кыргыз Республикасы калктын керектөө куржунунда импорттун үлүшү жогору болгон чакан ачык экономика болгондуктан, тамак-аштын ички баалары да дүйнөлүк бааларга ылайыкташып өзгөрө баштаган.

Ошол эле учурда электр энергиясына жана турак жай-коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө карата тарифтерди план боюнча жогорулатуу саясатын ишке ашыруу, бюджеттик чыгашалардын көбөйүшү, анын ичинде эмгек акыларды жогорулатууга жана инфраструктуралык долбоорлорду каржылоого, салык жол-жоболорун фискалдаштыруу боюнча жүргүзүлүп жаткан реформалардан улам, мейманкана жана ресторан кызмат көрсөтүүлөрүнүн бааларынын өсүшү жана өлкөдөгү керектөө жана инвестициялык жигердүүлүктүн кеңейиши өлкөнүн инфляциялык динамикасына орточо таасирин тийгизүүнү улантат.

Улуттук банк жаңыдан пайда болгон тышкы факторлордун таасирин эске алуу менен 2026-жылга күтүлгөн инфляция боюнча баалоону корректировкалаган: азык-түлүккө жана энергия продукцияларына карата дүйнөлүк баанын мындан аркы өсүшү, Жакынкы Чыгыштагы конфликттин күчөшү орун алган учурда, өлкөдө инфляциянын көрсөткүчү 15,0 пайызга чейинки эки орундуу көрсөткүчкө жетиши мүмкүн. Бул баалоо жаңы тышкы экономикалык шарттарга жана тышкы инфляциялык факторлордун күчөшүнүн тенденцияларына ылайык келет, анын ичинде соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдөгү инфляциянын жогору деңгээлин эске алат.

Улуттук банктын 2026-жылга карата Акча-кредит саясаты жөнүндө билдирүүсүндө (2025-жылдын 24-декабрында кабыл алынган) акча-кредит саясатынын максаттуу көрсөткүчүн инфляциянын орто мөөнөттүү көрсөткүчүн болжол менен 10 пайызда кармап калууну белгилеген, бул жаңы кошумча таасирлердин жоктугун болжолдойт. Кыргыз Республикасында бүгүнкү күндө байкалып жаткан инфляциялык басым монетардык эмес мүнөзгө ээ болуп, жаңы тышкы таасирлерден, атап айтканда Жакынкы Чыгыштагы кырдаалга байланыштуу геосаясий факторлордун таасиринен улам жаралууда. Жалпысынан алганда, түзүлүп жаткан тышкы экономикалык чөйрө жогорку белгисиздик менен мүнөздөлөт.

Ушул шарттарда Улуттук банктын акча-кредит саясаты Кыргыз Республикасындагы баа динамикасына тышкы факторлордун таасирин минималдаштырууга, экинчилик инфляциялык таасирлерди чектөөгө жана орто мөөнөттүү келечекте инфляцияны 5-7 пайыздык максаттуу диапазонго бара-бара кайтаруу үчүн шарттарды түзүүгө багытталган.

2026-2027-жылдарга төлөм теңдемин болжолдоо[1]

2026-жылга карата болжолдуу горизонт тарыхый көрсөткүчтөрүнүн базасынын жана Кыргыз Республикасынын негизги соода боюнча өнөктөш өлкөлөрүнүн жаңыланган негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрүнүн негизинде түзүлгөн. Ошол эле учурда дүйнөлүк экономиканын сакталып жаткан өзгөрүлмөлүүлүгү жана тышкы тобокелдиктер өлкөнүн тышкы экономикалык көрсөткүчтөрүнүн туруктуулугуна таасир этиши мүмкүн.

2026-жылы күндөлүк операциялар эсебинин терс сальдосу ИДӨгө карата 24,5 пайыз деңгээлинде түзүлөт. Улуттук банктын баа берүүсүнө ылайык, күтүлгөн динамика тышкы соода агымдарынын асимметриясы менен шартталат. Масштабдуу мамлекеттик программаларды жана социалдык-инфраструктуралык өнүктүрүү долбоорлорун ишке ашыруу, экономиканын курулуш жана өнөр жай секторлорунун кеңейиши менен бирге импорттук берүүлөргө туруктуу ички суроо-талапты калыптандырат, ал эми товардык экспорт бир аз гана өсүштү көрсөтөт.

5.1.3-график. Күндөлүк операциялар эсеби боюнча болжолдуу маалыматтар

(млн АКШ доллары)



Тышкы сооданын божомолунун негизинде азык-түлүккө жана энергия продукцияларына карата дүйнөлүк баалардын өзгөрүшүнө, ИДӨ динамикасына жана соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдүн экономикалык индикаторлорунун динамикасына, ошондой эле Кыргыз Республикасынан алтынды берүүнүн көлөмүнө таянган тышкы жана ички шарттардын топтому колдонулган. Бул эсептөөлөрдө регионалдык соодадагы түзүмдүк жылыштар түрүндө ооздуктоочу тобокелдиктер сыяктуу эле, өсүштүн драйверлери да - географиялык диверсификация, мейкиндик трансформация, ошондой эле мамлекеттик өбөлгө түзүүчү чаралар камтылган.

Жаңыланган болжолдоодо экспорттун көрсөткүчтөрү 2025-жылдын деңгээлинен 1,9 пайызга жогору болуп, ЕАЭБде жаңы санариптик механизмдердин, атап айтканда, товардык агымдарды тескөөнүн ачыктыгын жогорулатуу үчүн товарлардын күтүлүүчү жеткирүүсүн тастыктоо системасынын (СПОТ) үзгүлтүксүз киргизилишин эске алат. Бул процесстин тышкы берүүлөрдүн көлөмүнө тийгизген таасири убактылуу мүнөзгө ээ болуп, негизинен 2026-жылдын биринчи жарым жылдыгында күтүлөт, андан кийин бул абал бизнестин жаңыртылган жөнгө салуучу стандарттарга ыңгайлашуусу аяктаганга жараша акырындык менен турукташат. Мында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан жаңы сатуу рынокторуна чыгуу боюнча көрүлүп жаткан чаралар жана экспорттоочуларга көмөк көрсөтүүгө багытталган финансылык-укуктук колдоо чаралары экспорттун оң өсүш арымдарын сактап калууга кошумча түрткү берет.

Ошол эле учурда импорттун көлөмү 2025-жылдын деңгээлине салыштырганда 5,8 пайызга орточо өсүштү көрсөтөт. Импорттук берүүлөрдүн түзүмүндө негизги үлүш мурдагыдай эле товарлардын инвестициялык тобуна жана энергия продукцияларына таандык болот. Ошондой эле ички рынокту аралык жана керектөө товарлары менен туруктуу камсыз кылуу күтүлүүдө.

[1] Болжолдоо Улуттук банктын айкын мезгилде колдонулган кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен түзүлгөн.

Базалык сценарийдин алкагындагы айкын маалыматтарды эске алганда, экинчилик кирешелердин балансынын болжолунда олуттуу өзгөрүүлөр болгон эмес.

Кайра каралган болжолдоодо экинчилик кирешелердин эсеби өткөн жылдын жогорку базасын эске алуу менен тууралангaн. «Иштеп жаткандардын акча которуулары» статьясы боюнча түшүүлөр 2025-жылдын көрсөткүчтөрүнө жакын деңгээлде күтүлүүдө (4,2 пайызга төмөндөө). Бул мигранттардын иш менен камсыз болуу боюнча профилдик секторлорундагы экономикалык конъюнктуранын өзгөрүшүнө, ошондой эле реципиент өлкөлөрдөгү миграция чөйрөсүндөгү укуктук жөнгө салуунун өркүндөтүлүшүнө байланыштуу.

Ошол эле учурда кызмат көрсөтүүлөрдүн балансы негизинен көрсөтүлгөн кызматтар боюнча көбүрөөк түшүүлөрдүн эсебинен 2,8 пайызга көбөйүү менен оң сальдо менен түзүлөт. Алардын түзүмүндөгү өсүштүн оң тренди, мурдагыдай эле, «кыдыруулар» жана «башка кызмат көрсөтүүлөр» статьялары менен камсыздалат.

Финансылык эсеп боюнча түшүүлөр күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгын жарым-жартылай теңдейт. Адаттагыдай эле, финансылык капиталдын агылып кирүү көлөмү негизинен башка инвестициялар жана тике чет өлкө инвестициялары менен камсыздалат.

2026-жылга каралган тышкы сектордун параметрлери 2027-жылдагы көрсөткүчтөрдүн кийинки динамикасы үчүн негизги багыт болуп саналат.

2027-жылы күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгы бир аз жакшыруу жагына тууралaнып, ИДӨгө карата 18,5 пайызды түзөт. Тышкы соода сальдосунун тартыштыгынын жана экинчилик кирешелердин балансынын бир аз төмөндөшү аныктоочу факторлордон болот.

Улуттук банктын баалоосуна ылайык, импорттун 3,2 пайызга көбөйүшүнөн улам, экспорттун 18,0 пайызга өсүшү соода балансынын тартыштыгынын бир аз азаюсуна алып келет (2026-жылдын деңгээлине карата 1,1 пайызга).

2027-жылга карата экспорттун болжолдуу көрсөткүчтөрү жогорулоо жагына каралган. Буга өнөктөш өлкөлөрдүн экономикасынын өсүшүнө болгон оптимисттик күтүүлөр жана ЕАЭБ алкагында сооданын турукташуусу өбөлгө түзгөн. Учурдагы баалоо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин экспортко багытталган ишканалардын санын көбөйтүү, экономиканы экспорттук багыттарды диверсификациялоо аркылуу регионалдык жана глобалдык рыноктoрго интеграциялоо, соода инфраструктурасын өнүктүрүү жана жергиликтүү продукцияны тышкы рыноктoрго жайылтуу, анын ичинде өлкөнүн транспорттук-логистикалык системасын модернизациялоо жана бажы өткөрмө пункттарынын өткөрүү жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу аркылуу өлкөнүн экспорттук мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө багытталган демилгелери сыяктуу бир катар алгачкы божомолдоолорго негизделген.

Импорт боюнча болжолдоолор бир аз жогорулоо жагына жылдырылып, анда мамлекеттик программалардын жана социалдык-инфраструктуралык өнүгүү долбоорлорунун жигердүү ишке ашырылышы жана анын натыйжасында экономиканын реалдуу секторунун (атап айтканда, өнөр жай, курулуш жана отун-энергетикалык комплекси) өсүп жаткан суроо-талабынын алкагында өлкөгө материалдык-техникалык ресурстарды берүү көлөмүнүн көбөйүшү эске алынган.

«Иштеп жаткандардын акча которуулары» статьясы боюнча түшүүлөрдүн көлөмүнүн бир аз төмөндөшү күтүлүүдө (2026-жылдын деңгээлине салыштырмалуу 2,7 пайызга). Бул динамика жай мүнөзгө ээ болуп, Россия Федерациясында иш жигердүүлүгүнүн жакшырышынын алкагында төмөндөөнүн басаңдашын, ошондой эле мигранттардын жаңы миграциялык эрежелерге бара-бара ыңгайлашын чагылдырат.

2027-жылы күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгы олуттуу деңгээлде жеке секторго башка инвестициялардын жана тике чет өлкө инвестицияларынын эсебинен камсыздалат деп күтүлүүдө.

Кыргыз Республикасынын 2026-2027-жылдарга карата иштелип чыккан төлөм теңдеминин болжолунда төмөнкү тобокелдиктер сакталып турат:

- геосаясий белгисиздиктин жогорку деңгээли;
- мунай менен алтындын дүйнөлүк бааларынын өзгөрүлмөлүүлүгү;
- негизги өнөктөш өлкөлөрдө экономиканын өсүш арымынын басаңдашы;
- жеке сектордун карыз оорчулугунун өсүшү.

1-тиркеме. Негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөр

(эгерде башкасы көрсөтүлбөсө, өткөн жылдын тиешелүү чейрегине карата чейрек ичинде)

Көрсөткүчтөрдүн аталышы	Өлчөө бирдиги	2023				2024				2025				2026
		I ч.	II ч.	III ч.	IV ч.	I ч.	II ч.	III ч.	IV ч.	I ч.	II ч.	III ч.	IV ч.	I ч.
1. Суроо-талап жана сунуш[1] *(эгерде башкасы көрсөтүлбөсө, реалдуу өсүш арымы)*														
Номиналдык ИДӨ, чейрек ичинде	*млн сом*	231 249,5	292 877,7	375 903,3	433 699,5	278 599,5	335 485,5	446 484,1	522 222,7	348 775,3	409 495,5	542 038,7	676 079,9	428 576,9
ИДӨ	%	8,1	4,9	7,4	13,7	13,1	10,7	11,3	11,5	12,6	10,2	7,9	13,6	10,1
Ички керектөө	%	17,6	38,3	5,0	9,5	4,8	1,4	13,0	21,7	19,8	20,3	22,2	20,5	
Инвестициялар	%	60,0	-22,5	31,2	45,4	98,9	27,2	-78,8	-74,0	-41,6	8,2	133,3	324,6	
Таза экспорту	%	130,6	95,8	71,0	59,2	50,4	-9,2	-48,3	-73,8	-34,4	24,2	75,4	360,4	
ИДӨнүн өндүрүүсү:														
Айыл чарба	%	5,9	-1,2	-1,2	3,4	2,2	9,1	7,3	3,5	1,8	2,0	2,3	2,2	2,8
Өнөр жай	%	10,7	-5,4	2,4	10,7	8,2	2,0	13,2	12,3	15,0	10,1	6,9	11,6	13,4
Курулуш	%	2,2	16,4	19,2	30,5	51,1	38,3	25,8	24,2	60,4	18,3	16,3	17,7	29,6
Кызмат көрсөтүү	%	3,0	3,5	4,0	7,1	5,7	3,0	5,6	7,4	5,4	7,1	6,2	5,5	5,1
анын ичинде соода жүргүзүү	%	4,5	6,1	7,9	11,4	12,5	11,3	11,0	6,4	9,1	10,4	9,4	13,5	7,7
2. Баалар[2]														
Керектөө баа индекси (КБИ)	%	114,7	110,8	109,8	108,2	105,4	104,8	104,3	105,6	106,9	107,7	108,9	109,3	110,1
Керектөө баа индекси (КБИ), мезгилдин акырына карата жылдык мааниде	%	112,7	110,5	109,6	107,3	105,2	104,5	104,9	106,3	106,9	108,0	108,4	109,4	111,0
Базалык КБИ	%	115,6	111,8	109,3	108,0	106,2	105,3	105,3	105,9	106,1	106,0	106,5	107,7	
КБИ, товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн негизги топтору боюнча:	%													
Азык-түлүк товарлары	%	115,9	108,0	106,1	104,3	101,1	101,0	100,8	104,0	107,1	109,6	111,8	110,3	109,9
Азык-түлүктөн башка товарлар	%	121,9	120,5	117,9	113,1	109,8	109,5	109,8	111,0	111,0	109,2	105,4	107,4	108,8
Алкоголдук ичимдиктер, тамеки	%	112,9	112,7	114,4	113,1	110,0	108,5	106,5	105,0	104,8	105,2	108,0	108,5	108,7
Тейлөө	%	109,9	111,2	109,6	109,3	109,1	107,7	107,8	108,2	107,0	105,7	107,1	110,0	113,9
КБИ, мүнөздөмөсү боюнча классификациялоо:														
Акциздик товарлар	%	117,9	116,0	114,9	111,9	109,8	110,3	109,9	110,0	109,8	108,1	107,5	108,9	108,6
Жөнгө салынуучу баа	%	103,1	108,1	112,1	113,8	116,9	114,8	113,3	112,7	109,1	109,7	111,9	112,3	113,7
Инфляциянын рыноктук деңгээли	%	114,5	114,1	113,4	111,6	108,2	106,5	105,5	104,9	105,1	104,6	104,8	107,4	110,1
3. Тышкы сектор[3] *(ИДӨ карата пайыздарда)*														
Соода балансы	*ИДӨгө карата %*	-56,9	-58,2	-55,1	-54,7	-58,1	-56,7	-47,0	-35,8	-32,4	-33,7	-35,3	-40,9	-39,4
Күндөлүк операциялар эсеби	*ИДӨгө карата %*	-42,3	-44,6	-44,7	-45,0	-49,3	-46,7	-34,9	-22,5	-16,9	-17,6	-17,4	-24,9	-24,3
Товарлар жана кызмат көрс. экспорту	*ИДӨгө карата %*	31,1	32,4	34,5	36,4	37,1	39,2	43,6	46,3	44,9	42,0	38,7	28,2	26,8
Товарлар жана кызмат көрс. импорту	*ИДӨгө карата %*	88,5	92,4	92,6	95,4	100,3	99,5	92,5	82,8	76,5	75,0	71,6	66,9	64,0
4. АКШ долларынын алмашуу курсу, бир мезгилдин акырына карата	*сом*	87,4200	87,2267	88,7100	89,0853	89,4708	86,4454	84,2000	87,0000	86,4000	87,3940	87,4019	87,4177	87,4500
5. Монетардык сектор *(эгерде башкасы көрсөтүлбөсө, өсүш арымы)*														
Улуттук банктын эсептик чени, мезгилдин акырына карата	%	13,00	13,00	13,00	13,00	13,00	9,00	9,00	9,00	9,00	9,00	9,25	11,00	12,00
"Овернайт" депозити боюнча чен, мезгилдин акырына карата	%	10,00	11,00	11,00	11,00	11,00	5,00	4,00	4,00	4,00	4,00	4,00	5,00	6,00
"Овернайт" кредити боюнча чен, мезгилдин акырына карата	%	15,00	15,00	15,00	15,00	15,00	11,00	11,00	11,00	11,00	11,00	11,25	13,00	14,00
Банктар аралык кредит рыногундагы орточо алынган пайыздык чендер, чейрек ичинде	%	10,52	11,29	11,64	12,11	11,71	9,12	5,22	4,07	4,08	4,13	4,31	5,04	5,71
анын ичинде:														
РЕПО бүтүмдөрү боюнча	%	10,52	11,29	11,64	12,11	11,71	9,12	5,22	4,07	4,08	4,13	4,31	5,04	5,71
улуттук валютада кредиттер боюнча	%	-	-	-	-	-	-	-	-	-	-	-	-	-
чет өлкө валютасында кредиттер боюнча	%	-	-	-	-	-	-	-	-	-	-	-	-	-
7 күндүк нота боюнча орточо салмакталып алынган кирешелүүлүк, мезгилдин акырына карата	%	10,35	11,57	11,86	11,95	11,95	5,91	3,44	3,43	3,43	3,43	3,44	4,21	5,01
14 күндүк нота боюнча орточо салмакталып алынган кирешелүүлүк, мезгилдин акырына карата		11,27	11,82	12,01	12,01	-	-	-	-	-	-	-	-	-
28 күндүк нота боюнча орточо салмакталып алынган кирешелүүлүк, мезгилдин акырына карата	%	12,37	12,16	12,11	12,08	12,09	5,14	3,59	-	-	-	-	-	-
91 күндүк нота боюнча орточо салмакталып алынган кирешелүүлүк, мезгилдин акырына карата	%	13,52	13,98	13,88	13,78	13,96	11,22	-	-	-	4,50	4,36	4,98	6,58
182 күндүк нота боюнча орточо салмакталып алынган кирешелүүлүк, мезгилдин акырына карата		-	14,67	14,79	14,90	14,74	12,13	-	-	-	-	5,70	6,33	7,40
Акча базасы	%	38,8	22,5	10,8	9,9	13,7	19,1	19,2	17,5	17,7	19,6	24,7	29,7	17,1
Банктардан тышкаркы акчалар (М0)	%	32,5	16,0	4,0	1,3	7,8	12,7	19,1	15,2	20,7	25,8	24,7	26,6	16,8
Акча топтому (М1)	%	41,2	22,7	16,4	10,2	19,0	27,8	28,2	30,9	50,9	38,1	47,6	47,8	32,0
"Тар" мааниде колдонулуучу акча массасы (М2)	%	36,5	21,6	16,2	11,4	20,3	27,7	28,6	31,0	47,8	43,9	50,5	54,0	39,4
Акча массасы (М2Х)	%	40,0	29,4	18,7	15,0	22,4	26,0	30,6	31,9	39,9	36,6	39,1	43,3	32,3

[1/] Улуттук Статистика Комитетинин маалыматы боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук Банктын эсептик көрсөткүчтөрү

[2/] Булагы: Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети

[3/] Коэффициенттер акыркы 4 чейректи камтыган жылдык маалыматтардын негизинде эсептелет. 2026-жылдын I ч. үчүн алдын ала алынган маалыматтар

2-тиркеме. Глоссарий

Базалык инфляция – бул, баанын кыска мөөнөттүү, түзүмдүк жана сезондук өзгөрүүлөрүн эске албаган инфляция: инфляция көрсөткүчүн эсептөөдөн сезондук, тышкы факторлор жана административдик белгиленген тарифтер менен шартталган товарларга баанын өсүшү алынып салынат.

Мамлекеттик казына векселдери (МКВ) – Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан чыгарылган кыска мөөнөттүү (3, 6 жана 12 айлык) дисконттук мамлекеттик баалуу кагаздары. МКВ Улуттук банк тарабынан өткөрүлгөн аукциондор аркылуу жума сайын жайгаштырылат. Аукциондорго тике катышуучулар катышуу укугуна ээ. Юридикалык жактар сыяктуу эле, жеке адамдар да Кыргыз Республикасынын МКВ ээси боло алышат. Чет өлкө инвесторлорунун МКВ рыногуна кирүү мүмкүнчүлүгү чектелген эмес. МКВнын экинчилик рыногундагы бүтүмдөр Улуттук банктын автоматташтырылган тоорук системасы аркылуу жүзөгө ашырылат, ал катышуучуларга өз жумуш ордунан МКВны сатып алуу/сатуу боюнча операцияларды ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берет.

Мамлекеттик казына облигациялары (МКО) – Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан чыгарылган, пайыздык кирешеси (купон) менен, ошондой эле жүгүртүү мөөнөтү бир жылдан жогору болгон узак мөөнөттүү мамлекеттик баалуу кагаздары. Улуттук банк МКОнун чыгарылышын тейлөө боюнча башкы агент болуп саналат.

M2X акча топтомуна камтылган депозиттер – жеке адамдардын жана юридикалык жактардын депозиттери, ошондой эле башка финансы-кредит уюмдарынын депозиттери, мында мамлекеттик башкаруу органдарынын жана резидент эместердин депозиттери алынып салынат.

Акча базасы – Улуттук банктын жүгүртүүгө чыгарылган нак акча боюнча милдеттенмеси жана Улуттук банктын башка депозиттик корпорациялар алдындагы улуттук валютадагы милдеттенмеси.

Акча топтому – ликвиддүүлүк деңгээли боюнча классификацияланган акча массасы: M0; M1; M2; M2X.
M0 – банктардан тышкаркы нак акча.
M1 – M0 + резиденттердин улуттук валютадагы которулма депозиттери.
M2 – M1 + резиденттердин улуттук валютадагы мөөнөттүү депозиттери.
M2X – M2 + резиденттердин чет өлкө валютасындагы эсептешүү (күндөлүк) эсептери жана депозиттери.

Долларлашуу – өзүнүн улуттук валютасына ээ өлкөнүн ички акча жүгүртүүсүндө АКШ долларынын кеңири колдонулушу.

Башка депозиттик корпорациялар – борбордук банктан башка, бардык финансылык корпорациялар-резиденттер, финансылык ортомчулук алардын ишинин негизги түрү болуп саналат жана алар кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын (M2X) улуттук аныктамасында камтылган милдеттенмелерди чыгарышат.

Керектөө баа индекси (КБИ) – керектөөчү тарабынан өндүрүштүк эмес максатта сатылып алынган товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр топтомунун наркынын өзгөрүүсү чагылдырылат. Бул көрсөткүч инфляцияны өлчөө ыкмаларынын бири болуп саналат, ал калк тарабынан керектелген негизги товарлар куржунунун баасына салыштырууга негизделген жана чогуу алгандагы керектөөдө бул товарлардын салыштырма салмагына ылайык салмактанып алынган.

Инфляция - белгилүү бир убакыт аралыгында баалардын жалпы деңгээлинин өсүш тенденциясы, ал товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр куржунунун үй чарбаларынын керектөө чыгашаларынын түзүмүндө салмактанып алынган наркын эсептөөнүн негизинде өлчөнөт. Кыргыз Республикасында инфляция деңгээлин мүнөздөгөн көрсөткүч болуп керектөө баа индекси саналат.

Ноталар – бул Улуттук банк тарабынан жүгүртүүгө чыгарылган дисконттук баалуу кагаздар. Улуттук банктын Акча-кредиттик жөнгө салуу комитетинин чечими боюнча, ноталар 7 күндөн 364 күнгө чейинки мөөнөткө чыгарылат. Ноталар боюнча максималдуу кирешелүүлүк аукцион өткөрүлгөн күнгө карата аныкталган эсептик ченге барабар өлчөмдө белгиленет.

Репо шарттарындагы операция – келечекте белгилүү бир күнү, алдын ала макулдашылган баада кайра сатуу/сатып алуу милдеттенмеси менен экинчилик рыногунда мамлекеттик баалуу кагаздарды сатып алуу/сатуу операциясы.

Төлөм теңдеми – резиденттер жана резидент эместер ортосунда белгилүү бир мезгил ичинде ишке ашырылган экономикалык операциялардын суммардык түрүн чагылдырган отчёт.

Төлөм теңдеминин сальдосу – чет өлкөлөрдөн түшүүлөр менен чет өлкөлөргө төлөмдөр ортосунда келип чыккан айырма.

Соода балансынын сальдосу – экспорт жана импорт наркы ортосунда келип чыккан айырма.

Эсептик чен – борбордук банк тарабынан белгилене турган пайыздык ченди билдирген жана экономиканын акча ресурсунун баштапкы багыты катары кызмат кылган акча-кредит саясатынын инструменти.

BIR эталондук чени (Bishkek Interbank Rate) – өлкөнүн банктар аралык рыногунун кыска мөөнөттүү сегментинде акчанын наркынын индикатору болуп саналган рыноктук пайыздык чен.

3-тиркеме. Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси

ААК	ачык акционердик коому
АКШ	Америка Кошмо Штаттары
АКШ ФРС	Америка Кошмо Штаттарынын Федералдык резерв системасы
Борбордук Казыналык	Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы
ДБ	Дүйнөлүк банк
ЕАЭБ	Евразия экономикалык бирлиги
ЕАӨБ	Евразия өнүктүрүү банкы
ЕББ	Европа борбордук банкы
ЖАК	жабык акционердик коому
ИДӨ	ички дүң өнүм
КБ	коммерциялык банктар
КБИ	керектөө баа индекси
КНС	кошумча нарк салыгы
КММ	күйүүчү-майлоочу материалдар
«КФБ» ЖАК	«Кыргыз фондулук биржасы» ЖАК
КР ФМ	Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги
КР УСК	Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети
КЭБ	Кытай Эл Банкы
МА	маалымат агенттиги
МБК	мамлекеттик баалуу кагаздар
МКВ	мамлекеттик казына вексели
МКО	мамлекеттик казына облигациясы
ОПЕК +	Мунайды экспорттоочу өлкөлөр уюму
РФ	Россия Федерациясы
Улуттук банк	Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы
ФАО	БУУнун Азык-түлүк жана айыл чарба уюму (Food and Agriculture Organization)
ФОБ	Экспорттоочу өлкөнүн чек арасындагы баа (Free on Board)
ЭВФ	Эл аралык валюта фонду
BIR	Кыргыз Республикасынын банктар аралык эталондук пайыздык чени (Bishkek Interbank Rate)
RSI	салыштырма күч индекси (relative strength index)